**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

**2020-жыл үчүн**

**2021-жылдын июнь айы**

**Бишкек**

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Н. Жениш |
| Кеңештин мүчөлөрү: | А. Айдарова |
| | А. Каракожаев |
| Жооптуу катчы: | А. Султаналиева |

МАЗМУНУ

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдык негизинен болуп Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамы саналат. Басылмада тышкы секторду өнүктүрүүдөгү акыркы тендециялар чагылдырылат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүнүн ыкмасы жана маалыматтык базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу – февраль, июнь, август, ноябрь айларында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2021-жылдын 20-майы.**

## Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

..... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет;

- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (1994-1996-жылдар же январь-июль айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-07, 66-90-06 телефондору
(+996 312) 61-52-85; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: asultanalieva@nbkr.kg

МАЗМУНУ

Уюштуруучусу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2021-жыл
Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.
“M-MAXIMA” басма үйүндө басылып чыгарылды.
Тел.: (+996 312) 90 04 35
e-mail: office@maxima.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Жылдык отчет экономиканын реалдуу секторундагы, финансы жана тышкы секторлорундагы өзгөрүүлөргө баа берүү, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндөгү, банк жана төлөм системалары, банк эмес финансы-кредит уюмдары боюнча боюнча чечимдерин жана аракеттерин, ошондой эле финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды жана статистикалык тиркемелерди камтыйт. Мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул басылмада Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында ай сайын мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет***
Инфляциянын негизги факторлоруна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана болжолдоолор, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички чөйрөсүндө экономикалык абалдын өнүгүшүнө баа берүүгө негизделген акча-кредит саясаты тармагында Улуттук банктын чечимдери тууралуу коомчулукка маалымат берилет. Чейрек сайын Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***
Коомчулукту Кыргыз Республикасынын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү боюнча маалыматтар менен тааныштыруу бул басылманын максаты болуп саналат. Жылына эки жолу мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Улуттук банкта кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик актылар жарыяланат. Басылма айына бир жолу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жарыяланып турат.

Улуттук банктын басылмалары бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын www.nbkr.kg дарегиндеги расмий интернет-сайтында “Басылмалар” бөлүгүндө жайгаштырылып келет.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АКЖО | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ (SDR) | Атайы карыз алышуу укугу |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БФКУ | банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| ДТК | дүң тышкы карыз |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык бирлиги |
| Жеке ТК | жеке тышкы карыз |
| ЖТК | жалпы тышкы карыз |
| ИДӨ | ички дүң өнүм |
| КБ | коммерциялык банктар |
| Мамфинкөзөмөл | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы |
| МИ | мамлекеттик ишкана |
| ММК | массалык маалымат каражаттары |
| МТК | мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ОЭСР | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| РЭАК | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| ТИМ | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| ТЭИТН | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| Финансы министрлиги | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ФОБ | экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭССК | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭССК | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |

МАЗМУНУ

# МАЗМУНУ


**Төлөм теңдеминин күндөлүк абалы ... 7**
**Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ... 33**
**Кыргыз республикасынын тышкы карызы ... 34**
**Кыргыз республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы ... 40**
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер ... 43**
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми ... 44
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 52
I.3-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча экспорттун бөлүштүрүлүшү ... 52
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 53
I.5-таблица. ЭССКнын бөлүктөрү боюнча импорттун бөлүштүрүлүшү ... 53
I.6-таблица. Экспорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 54
I.7-таблица. Экспорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 54
I.8-таблица. Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшү ... 55
I.9-таблица. Импорттун географиялык бөлүштүрүлүшү ... 55
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ... 56
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ... 58
I.12-таблица. Баа индекстери жана экспорттун айкын көлөмү ... 60
I.13-таблица. Баа индекстери жана импорттун айкын көлөмү ... 61
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ... 62**
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ... 62
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ... 63
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ... 64
I.17-таблица. Беларуска товарлардын экспорту ... 65
I.18-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ... 66
I.19-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ... 67
I.20-таблица. Тажикстанга товарлардын экспорту ... 68
I.21-таблица. Улуу Британияга товарлардын экспорту ... 69
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү ... 70**
I.22-таблица. Россиядан товарлардын импорту ... 70
I.23-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ... 71
I.24-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ... 72
I.25-таблица. Украинадан товарлардын импорту ... 73
I.26-таблица. Беларустан товарлардын импорту ... 74
I.27-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ... 75
I.28-таблица. АКШдан товарлардын импорту ... 76
I.29-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ... 77
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ... 78
I.31-таблица. Япониядан товарлардын импорту ... 79
I.32-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ... 80
I.33-таблица. БАЭден товарлардын импорту ... 81
I.34-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери: жалпы, ЕАЭБ өлкөлөрү жана ЕАЭБден тышкары өлкөлөр ... 82
I.1-график. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекстери ... 84
I.35-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ... 85
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ... 86
I.37-таблица. Эл аралык камдар ... 86
I.38-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ... 87
**II тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү ыкмасы ... 88**
**III тиркеме. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы ... 96**
**IV тиркеме. Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы ... 100**
**V тиркеме. Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы ... 103**
**VI тиркеме. Эл аралык инвестициялык позицияны түзүү ыкмасы ... 105**
**VII тиркеме. Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы ... 107**

## ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН КҮНДӨЛҮК АБАЛЫ

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2020-жылдын жыйынтыгы боюнча COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышынан улам дүйнөлүк тенденциялардын таасири астында күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу 327,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө (ИДӨгө карата 4,3 пайыз) түптөлгөн. Мындай оң мааниде көрсөткүч товарлар менен соода жүргүзүү балансынын жана кирешелер балансынын тартыштыгынын төмөндөшүнөн улам калыптанган. Ошондой эле күндөлүк трансферттер агымынын төмөндөшү жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын жогорулашы белгиленген.

### СООДА БАЛАНСЫ[1]

*2020-жылдын жыйынтыгы боюнча импорттук товарларды сунуштоонун кыскарышы алтынды экспорттоо көлөмүнүн өсүшү менен катар соода балансынын тартыштыгынын төмөндөшүн да шарттаган.*

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2020-жылы Кыргыз Республикасынын **соода балансынын терс сальдосу** ФОБ баасында 1 412,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлүү менен 2019-жылга салыштырганда 46,2 пайызга төмөндөгөн.

Отчеттук мезгилде **тышкы соода жүгүртүү** 2019-жылга салыштырганда 19,1 пайызга төмөндөп, ФОБ баасында 5 432,0 млн АКШ долларын түзгөн.

Өлкөнүн соода жүгүртүүсүнүн ИДӨгө карата катышы катары эсептелген экономиканын ачык-айкындуулук көрсөткүчү 2019-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 5,0 пайыздык пунктка азайып, 70,0 пайызды түзгөн. Көрсөткүчтүн азайышы ИДӨнүн доллар эквивалентиндеги көлөмүнүн азайышына салыштырганда, тышкы соода жүгүртүү көлөмүнүн кыйла кыскарышынан улам шартталган.

[1] Бул жерде жана мындан ары текст боюнча ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соода жүргүзүүнү жана эгерде башка шилтеме келтирилбесе, Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн тандалма иликтөө боюнча товарларга декларациялардын жана КР УСКнын баа берүүлөрүнүн маалымат базасы боюнча түзүлгөн маалымат көрсөтүлгөн.

**1-таблица. Экономиканын ачык-айкындуулугу**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту, *млн АКШ долларында* | 1 573,2 | 1 764,3 | 1 836,8 | 1 986,1 | 1 964,5 |
| Товарлардын импорту (ФОБ), *млн АКШ долларында* | 3 744,4 | 4 197,2 | 4 949,9 | 4 669,0 | 3 422,5 |
| Ачык-айкындуулук, *пайыздар* | 77,5 | 77,4 | 82,1 | 75,0 | 70,0 |

* УСКнын маалымат базасында Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

Тышкы соода операцияларынын товардык диверсификациясын мүнөздөгөн товарлар экспортунун жана импортунун товардык концентрациялануу көрсөткүчүнө[2] ылайык, 2020-жылы башка товарларды сунуштоо көлөмүнүн азайышынын алкагында, өлкөнүн экспорт көлөмүндө алтындын салыштырма салмагынын өсүшүнө байланыштуу экспорттун товардык концентрациялануу көрсөткүчүнүн 7,9 пайыздык пунктка жогорулагандыгы байкалган. Импорттун товардык ассортиментинин азайышы импорттун товардык концентрациялануу көрсөткүчүнүн 0,2 пайыздык пунктка өсүшүнө алып келген.

**2- таблица. Сооданын товардык концентрациялануусу ***
*(пайыздарда)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| Товарлардын экспорту | 46,0 | 41,3 | 38,2 | 43,4 | 51,2 |
| Товарлардын импорту | 9,7 | 10,7 | 12,3 | 10,7 | 10,9 |

* УСКнын маалымат базасында Улуттук банктын эсептөөлөрү, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

**Товарлар экспорту ФОБ баада** 1,6 пайызга кыскарып, 2 009,6 млн АКШ долларын түзгөн. **Алтынды эске албаганда экспорт** отчеттук мезгилде 15,5 пайызга кыскаруу менен 1 022,6 млн АКШ долларын түзгөн. Ал эми **алтынды жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз экспорт** 15,2 пайызга төмөндөп, 977,5 млн АКШ долларын түзгөн.

МАЗМУНУ

[2] Өлкө экспорттогон же өлкөгө импорттолгон товарлардын түрү канчалык кеңири экендигин көрсөтөт. Концентрациялануу коэффициентинин жогорулашы тышкы сооданын жалпы көлөмүндө өлкөлөр санынын азайгандыгын (продукция түрлөрүнүн) же болбосо айрым өлкөлөрдүн үлүшүнүн (продукция түрлөрүнүн) көбөйгөндүгүн билдирет.

**3-таблица. Товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту**
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | экспортко карата пайыз-дарда, 2020 | алтынды эске албаганда, экспортко карата пайыздарда, 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп[1]** | **1 607,9** | **1 813,9** | **1 916,0** | **2 042,9** | **2 009,6** | **100,0** | **–** |
| Монетардык эмес алтын | 701,6 | 700,4 | 664,2 | 832,9 | 987,0 | 49,1 | – |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | 135,7 | 161,0 | 130,6 | 169,7 | 168,4 | 8,4 | 16,5 |
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | 93,1 | 75,8 | 62,9 | 89,7 | 78,3 | 3,9 | 7,7 |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | 73,2 | 119,4 | 151,7 | 103,4 | 59,7 | 3,0 | 5,8 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | 30,7 | 34,1 | 29,1 | 42,8 | 38,7 | 1,9 | 3,8 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | 27,5 | 34,8 | 117,2 | 72,8 | 32,5 | 1,6 | 3,2 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | 15,8 | 40,4 | 42,1 | 33,8 | 30,5 | 1,5 | 3,0 |
| Авиакеросин[2] | 35,6 | 39,1 | 58,1 | 45,6 | 30,3 | 1,5 | 3,0 |
| Пластмассадан жасалган товарларды ташуу же таңгактоо үчүн буюмдар | 9,1 | 5,9 | 22,7 | 25,2 | 28,0 | 1,4 | 2,7 |
| Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек | 14,9 | 27,4 | 29,4 | 28,3 | 27,6 | 1,4 | 2,7 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 7,4 | 10,8 | 20,3 | 27,6 | 26,8 | 1,3 | 2,6 |
| Пахта | 20,8 | 24,7 | 37,6 | 35,7 | 26,8 | 1,3 | 2,6 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | 12,1 | 14,5 | 18,7 | 22,4 | 22,9 | 1,1 | 2,2 |
| Портландцемент | 4,0 | 6,2 | 25,4 | 31,2 | 22,2 | 1,1 | 2,2 |
| Металл сыныктары, кара металл калдыктары | 2,1 | 9,3 | 21,8 | 17,1 | 21,2 | 1,1 | 2,1 |
| Тирүү мал | 1,7 | 8,4 | 5,8 | 4,1 | 20,5 | 1,0 | 2,0 |
| Май жана сүттөн алынган май, башка тоң майлар | 7,7 | 12,2 | 9,5 | 16,5 | 17,2 | 0,9 | 1,7 |
| Дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктар | 2,9 | 8,1 | 12,2 | 12,6 | 14,7 | 0,7 | 1,4 |
| Сыр жана быштак | 5,0 | 10,2 | 6,3 | 9,2 | 9,8 | 0,5 | 1,0 |
| Башка товарлар | 407,2 | 471,3 | 450,5 | 422,1 | 346,4 | 17,2 | 33,9 |
| **Бардыгы болуп, алтынды эске албаганда экспорт** | **906,3** | **1 113,5** | **1 251,8** | **1 210,1** | **1 022,6** | **–** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, алтынды жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда экспорт** | **871,6** | **1 063,9** | **1 172,6** | **1 153,2** | **977,5** | | |

Эскертүү: УСК нын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде

[1] УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын, ошондой эле Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[2] Борттук запастарды ташып чыгаруу.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча экспорттун товардык курамын мурдагыдай эле өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн продукциясы түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарды өндүрүү көлөмү төмөндөгөндүгү[3] белгиленген. 2020-жылы алтын экспорту 18,5 пайызга өсүп, 987,0 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай динамика, алтынды сунуштоонун айкын көлөмүнүн 5,6 пайызга[4] кыскарышы шартында, баалардын 25,6 пайызга өсүшүнөн улам келип чыккан.

[3] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2020-ж., январь-декабрь айлары)”, КР УСК.

[4] 2020-жыл жыйынтыгы боюнча алтындын 1 трой унциясы үчүн орточо дүйнөлүк баасы 1 769,6 АКШ долларын түзгөн, бул 2019-жылдагы баа деңгээлинен 21,3 пайызга жогору; булагы: Reuters.

Отчеттук жылы ошондой эле металл сыныктарын жана кара металлургия калдыгын (4,1 млн АКШ долларына), күмүш, платина жана платина тобуна кирген башка металлдарды (3,2 млн АКШ долларына) экспорттоо көлөмүнүн өсүшү байкалган

Мында, металл сыныктарын жана баалуу эмес түстүү металлдар калдыгын (40,3 млн АКШ долларына), чоюн жана болотту (5,9 млн АКШ долларына) чыгаруу көлөмүнүн кыскаргандыгы белгиленген. Аталган позициялардын нарктык көлөмүнүн өзгөрүүсү алардын айкын көлөмүнүн сыяктуу эле, орточо сунуштоо бааларынын өзгөрүүсү менен шартталган.

**4-таблица. Металлургия өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Монетардык эмес алтын | *т* | 17,4 | 17,4 | 16,5 | 18,7 | 17,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 701,6 | 700,4 | 664,2 | 832,9 | 987,0 |
| Баалуу металл кендери жана алардын концентраттары | *миң т* | 98,8 | 90,5 | 153,2 | 218,2 | 251,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 135,7 | 161,0 | 130,6 | 169,7 | 168,4 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | *миң т* | 22,3 | 21,7 | 37,5 | 27,0 | 8,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 27,5 | 34,8 | 117,2 | 72,8 | 32,5 |
| Металл сыныктары, кара металл калдыктары | *миң т* | 42,2 | 98,7 | 92,7 | 85,4 | 79,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,1 | 9,3 | 21,8 | 17,1 | 21,2 |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 17,6 | 29,5 | 33,3 | 39,2 | 27,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 16,0 | 17,1 | 14,6 | 15,8 | 9,9 |
| Күмүш, платина жана платина топторуна кирген башка металлдар | *т* | 7,6 | 10,5 | 8,5 | 8,3 | 12,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 4,2 | 5,7 | 4,1 | 4,3 | 7,5 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын эске алуу менен, ошондой эле Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз.

2020-жылы текстиль өндүрүшүнүн, кийим-кече жана бут кийим, булгаары жана булгаарыдан башка буюмдар өндүрүш көлөмүнүн 21,5 пайызга[5] кыскаргандыгы байкалган. Натыйжада тигүү өндүрүшүнүн негизги продукциясын экспорттоо 42,3 пайызга кыскарып, 59,7 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай төмөндөө, негизинен "тигилген буюмдар, аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган кийимдер" (40,8 млн АКШ долларына), "эркектер жана балдар үчүн текстиль кездемеден тигилген буюмдар" (13,2 млн АКШ долларына) жана "тигилген буюмдар, эркектер жана балдар үчүн трикотаж же токулган кийимдер" (6,1 млн АКШ долларына) сыяктуу статьялар боюнча экспорттун кыскаргандыгына байланыштуу болгон. Мында, "текстиль кездемеден, трикотаж же трикотаж эмес кийимдер" товардык позиция боюнча экспорттун нарктык көлөмүнүн өсүшү катталган (16,3 млн АКШ доллары). Башка товардык позициялар боюнча өзгөрүүлөр тигүү өндүрүшүнүн товарлар экспортунун динамикасына бир аз таасирин тийгизген.

[5] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2020-ж., январь-декабрь айлары)", КР УСК.

**5-таблица. Тигүү өндүрүшүнүн негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кийим-кече жана аларга тиешелүү буюмдар, бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **73,2** | **119,4** | **151,7** | **103,4** | **59,7** |
| Текстиль кездемелеринен даярдалган, трикотаж же | — | | | | | |
| трикотаж эмес кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ доллары* | 3,8 | 11,2 | 3,6 | 12,1 | 28,3 |
| Аялдар жана кыздар үчүн токулган же согулган | *млн даана* | 7,5 | 31,3 | 33,0 | 22,1 | 15,9 |
| кийим-кечелер | *млн АКШ доллары* | 23,1 | 53,8 | 101,4 | 54,2 | 13,4 |
| Трикотаждан тигилген же токулган аялдар жана кыздар | *млн даана* | 2,1 | 1,8 | 1,2 | 1,5 | 2,9 |
| үчүн кийим-кече | *млн АКШ доллары* | 9,6 | 6,0 | 3,9 | 8,6 | 8,0 |
| Токулган же токулбаган, согулган же согулбаган | — | | | | | |
| кийим-кечелерге тиешелүү буюмдар | *млн АКШ доллары* | 0,5 | 6,0 | 6,1 | 2,3 | 3,6 |
| Трикотаждан тигилген же токулган эр адамдар жана | *млн даана* | 8,8 | 8,1 | 6,5 | 3,7 | 4,0 |
| балдар үчүн кийим-кече | *млн АКШ доллары* | 29,8 | 33,7 | 32,0 | 9,1 | 2,9 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн текстиль материалдарынан | *млн даана* | 1,7 | 2,0 | 0,8 | 1,9 | 0,3 |
| тигилген кийим-кечелер | *млн АКШ доллары* | 5,7 | 8,0 | 2,6 | 15,1 | 1,9 |
| Текстиль кездемелеринен даярдалгандарды кошпогондо, | — | | | | | |
| кийим-кече буюмдары; баш кийимдер | *млн АКШ доллары* | 0,7 | 0,6 | 2,2 | 2,1 | 1,6 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын эске алуу менен, ошондой эле Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2020-жылдын январь-декабрь айларында айыл чарба продукциясын дүң чыгаруу көлөмүнүн өсүшү мал чарба тармагында продукция өндүрүү көлөмүнүн жогорулашына байланыштуу шартталган[6]. Айыл чарба продукциясы экспортунун товардык түзүмүндө тирүү малды (16,4 млн АКШ долларына), балыкты, рак сымал моллюскаларды жана омурткасыз суудa сүзүүчүлөрдү (3,3 млн АКШ долларына) сунуштоо көлөмүнүн өсүшүн белгилөөгө болот. Ошондой эле, жашылчаларды (11,4 млн АКШ олларына), пахтаны (9,0 млн АКШ долларына), жемиш жана жаңгактарды (4,1 млн АКШ долларына) сунуштоо көлөмү кыскаргандыгы белгиленген.

МАЗМУНУ

[6] “Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2020-ж., январь-декабрь айлары)”, КР УСК.

**6-таблица. Айыл чарбасынын негизги экспорттук продукциясы***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар | *миң т* | 176,4 | 144,1 | 97,8 | 172,0 | 216,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 93,1 | 75,8 | 62,9 | 89,7 | 78,3 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган | *миң т* | 22,1 | 29,2 | 33,7 | 62,5 | 84,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 30,7 | 34,1 | 29,1 | 42,8 | 38,7 |
| Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары | *миң т* | 17,7 | 19,9 | 23,6 | 24,1 | 28,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 12,1 | 14,5 | 18,7 | 22,4 | 22,9 |
| Тирүү мал | *миң даана* | 7,5 | 25,9 | 58,9 | 69,3 | 92,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,7 | 8,4 | 5,8 | 4,1 | 20,5 |
| Май жана сүттөн алынган май, башка тоң майлар жана майлар | *миң т* | 2,0 | 3,0 | 2,5 | 3,6 | 5,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 7,7 | 12,2 | 9,5 | 16,5 | 17,2 |
| Пахта | *миң т* | 15,8 | 16,1 | 23,2 | 24,6 | 18,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 20,8 | 24,7 | 37,6 | 35,7 | 26,8 |
| Дан азыктарынан, ундан же крахмалдан жасалган азыктар | *миң т* | 1,8 | 2,5 | 3,1 | 3,8 | 3,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 2,9 | 8,1 | 12,2 | 12,6 | 14,7 |
| Сыр жана быштак | *миң т* | 2,1 | 4,1 | 2,3 | 3,0 | 4,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,0 | 10,2 | 6,3 | 9,2 | 9,8 |
| Балык, рак сыяктуу моллюскалар, суу жашоочу омурткасыз жандыктар | *миң т* | 0,2 | 1,0 | 0,7 | 2,3 | 3,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 0,1 | 0,7 | 1,5 | 4,3 | 7,5 |
| Кант, патока жана бал | *миң т* | 6,0 | 7,8 | 34,5 | 2,4 | 1,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 1,5 | 3,5 | 12,6 | 2,9 | 2,2 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын эске алуу менен, ошондой эле Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз

**Товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** басымдуу салыштырма салмак ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө туура келген (72,2 пайыз). Отчеттук мезгилде товарлар экспортунун көбүрөөк көлөмү Улуу Британияга багытталган (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөргө чогуу алгандагы экспорттун 69,8 пайызы). Кароого алынган мезгил ичинде ЕАЭБ чегинен тышкары өлкөлөрдүн ичинен Кыргыз Республикасынын башка ири өнөктөштөрү катары Өзбекстан, Түркия жана Кытай саналган, бул өлкөлөргө көбүнчө иштеп чыгаруу өнөр жайынын товарлары жана айыл чарба продукциясы сунушталган.

Товарлар экспортунун жалпы көлөмүндө ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн суммардык үлүшү 27,8 пайызды түзгөн. ЕАЭБге кирген өлкөлөргө экспорттолгон товарлар түзүмүн, негизинен, текстиль өнөр жайынын жана айыл чарба продукциялары ээлеген. Сунуштоолордун дээрлик бардык көлөмү Казакстанга (53,8 пайыз) жана Россияга (44,2 пайыз) жөнөтүлгөн.

**7-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн экспортунун географиялык түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | жыйынтыгында, пайыздарда 2020[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Монетардык эмес алтын** | **Бардыгы болуп** | **701,6** | **700,4** | **664,2** | **832,9** | **987,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Улуу Британия | 31,3 | 186,8 | 663,9 | 832,0 | 986,8 | 100,0 |
| | Швейцария | 644,0 | 484,7 | — | — | — | — |
| | БАЭ | 25,7 | 28,6 | — | — | — | — |
| **Металл кендери жана металл сыныктары** | **Бардыгы болуп** | **183,7** | **205,5** | **269,8** | **260,2** | **222,5** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 111,2 | 108,7 | 97,7 | 129,6 | 142,2 | 63,9 |
| | Россия | 17,8 | 32,2 | 79,5 | 62,5 | 39,9 | 17,9 |
| **Жаңы үзүлгөн же тоңдурулган жашылчалар** | **Бардыгы болуп** | **93,1** | **75,8** | **62,9** | **89,7** | **78,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 21,5 | 19,9 | 8,4 | 16,9 | 18,7 | 23,9 |
| | Түркия | 30,4 | 17,1 | 21,3 | 27,7 | 18,0 | 23,0 |
| | Сербия | 4,1 | 5,6 | 5,6 | 4,6 | 5,5 | 7,0 |
| | Болгария | 4,3 | 3,7 | 5,1 | 5,0 | 5,2 | 6,7 |
| | Казакстан | 24,9 | 12,1 | 1,9 | 7,6 | 3,1 | 3,9 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **73,2** | **119,4** | **151,7** | **103,4** | **59,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 40,4 | 90,2 | 134,6 | 74,2 | 56,0 | 93,8 |
| | Казакстан | 31,3 | 27,6 | 16,0 | 28,6 | 2,7 | 4,5 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **30,7** | **34,1** | **29,1** | **42,8** | **38,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 15,0 | 18,0 | 16,5 | 25,7 | 27,5 | 71,1 |
| | Казакстан | 11,9 | 6,8 | 4,3 | 8,7 | 3,0 | 7,7 |
| **Авиакеросин** | **Бардыгы болуп** | **35,6** | **39,1** | **58,1** | **45,6** | **30,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 17,6 | 21,3 | 33,5 | 22,6 | 16,6 | 54,9 |
| | Кытай | 5,6 | 7,0 | 10,2 | 10,6 | 8,5 | 28,2 |
| **Тапталган айнек же жылмакайлатылган айнек** | **Бардыгы болуп** | **14,9** | **27,4** | **29,4** | **28,3** | **27,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 9,0 | 17,0 | 13,3 | 13,5 | 15,8 | 57,2 |
| | Өзбекстан | 2,4 | 4,9 | 9,4 | 5,0 | 6,5 | 23,7 |
| **Пахта** | **Бардыгы болуп** | **20,8** | **24,7** | **37,6** | **35,7** | **26,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 10,7 | 11,5 | 12,4 | 21,9 | 20,0 | 74,7 |
| | Россия | 7,2 | 10,8 | 17,7 | 9,7 | 4,0 | 15,1 |
| **Майдан жана сырдан тышкары, сүт, каймак, сүт азыктары** | **Бардыгы болуп** | **12,1** | **14,5** | **18,7** | **22,4** | **22,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 11,3 | 13,2 | 14,2 | 14,1 | 18,7 | 81,6 |
| | Россия | 0,7 | 1,2 | 3,7 | 8,0 | 3,4 | 15,0 |
| **Портландцемент** | **Бардыгы болуп** | **4,0** | **6,2** | **25,4** | **31,2** | **22,2** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 0,1 | 5,2 | 24,6 | 30,8 | 22,2 | 99,9 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **21,4** | **30,7** | **22,7** | **16,0** | **3,9** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Казакстан | 5,2 | 6,4 | 8,0 | 15,3 | 3,1 | 80,4 |
| | Россия | 16,1 | 24,3 | 14,6 | 0,5 | 0,5 | 14,1 |

* УСКнын ФОБ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары боюнча жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын эске алуу менен, ошондой эле Улуттук банктын экспорт боюнча кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

МАЗМУНУ

2020-жылы COVID-19 пандемиясынан улам, чектөө чаралары киргизилген шартта, **товарлардын импорту** ФОБ баасында 26,7 пайызга кыскарып, 3 422,5 млн АКШ долларын түзгөн. Эл аралык стандарттык соода классификациясынын бардык товарлар тобу боюнча берүүлөр көлөмүнүн нарктык мааниде төмөндөшү байкалган.

2020-жылы Эл аралык стандарттык соода классификациясынын ири тобу – “материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарларынын” импорту 25,0 пайызга кыскаруу менен 873,4 млн АКШ долларын түзгөн. Ири товардык позициялар ичинен жасалма текстилдик материалдардан согулган кездемелер (102,6 млн АКШ долларына), трикотаж же токулган кездемелер (22,6 млн АКШ долларына), кагаз жана картон боюнча (15,1 млн АКШ долларына) төмөндөө катталган. Муну менен катар эле чоюн жана болот боюнча импорттун (20,3 млн АКШ долларына) олуттуу көбөйүшү байкалган.

**8-таблица. "Материалдын түрү боюнча классификацияланган өнөр жай товарлары"***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **831,7** | **1 043,7** | **1 134,6** | **1 164,4** | **873,4** |
| Чоюн жана болот | *миң т* | 363,0 | 362,0 | 392,2 | 413,0 | 374,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 203,4 | 189,0 | 240,8 | 238,9 | 259,2 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | *млн кв. м* | 712,8 | 732,3 | 819,6 | 445,6 | 491,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 200,3 | 287,4 | 243,6 | 177,0 | 74,4 |
| Трикотаж же согулган кездемелер | *миң т* | 8,6 | 8,2 | 23,3 | 32,2 | 25,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 22,3 | 20,6 | 63,2 | 70,0 | 47,4 |
| Резина дөңгөлөктөрү | *млн даана* | 0,9 | 1,7 | 1,7 | 1,6 | 1,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 35,3 | 45,6 | 49,3 | 44,5 | 45,2 |
| Башка категорияда камтылбаган, кагаздан жана картондон жасалган буюмдар | *миң т* | 6,9 | 8,8 | 10,3 | 41,3 | 9,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 20,3 | 27,0 | 26,5 | 37,7 | 35,3 |
| Чоюндан же болоттон жасалган, башка категорияларда камтылбаган конструкциялар | *миң т* | 12,8 | 8,6 | 24,9 | 23,3 | 13,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 17,7 | 13,3 | 13,8 | 28,6 | 26,8 |
| Кагаз жана картон | *миң т* | 24,3 | 28,3 | 33,0 | 32,4 | 19,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 32,2 | 35,0 | 38,5 | 38,5 | 23,4 |
| Жыгач-булалуу плита | *млн кв. м* | 4,1 | 7,6 | 6,4 | 9,9 | 7,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 11,1 | 16,5 | 15,9 | 25,9 | 20,9 |
| Полго төшөлмөлөр | *млн кв. м* | 5,3 | 7,1 | 6,7 | 10,7 | 10,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 13,2 | 18,4 | 16,4 | 20,5 | 18,7 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгач | *млн куб. м* | 2,0 | 0,7 | 2,2 | 5,7 | 0,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 15,4 | 18,2 | 26,7 | 27,9 | 18,7 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 260,5 | 372,7 | 399,9 | 454,9 | 303,5 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

Отчеттук мезгилде “машиналар жана транспорттук жабдуу” тобунун товарларын импорттоонун суммардык наркы 27,2 пайызга кыскарып, 785,9 млн АКШ долларын түзгөн. Белгиленген топтун товардык түзүмүндө “электр линиялык телефон же телеграф аппараттары” (69,1 млн АКШ долларына) жана “башка категорияда камтылбаган жарандык курулуш үчүн машина тетиктери жана жабдуулар” (18,4 млн АКШ долларына) статьялары боюнча берүүнүн кыйла кыскарышы байкалган. Ошондой эле “жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттар” (49,1 млн АКШ долларына), “жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар” (26,6 млн АКШ долларына) сыяктуу статьялар боюнча импорт көлөмү көбөйгөн.

**9-таблица. "Машиналар жана транспорттук жабдуулар" тобу боюнча негизги товарлар***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **902,8** | **835,1** | **1 002,9** | **1 079,1** | **785,9** |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | *млн даана* | 1,3 | 3,7 | 3,6 | 4,1 | 2,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 58,2 | 95,6 | 144,0 | 202,1 | 133,0 |
| Жеңил автоунаалар жана адамдарды ташуу үчүн каралган транспорттук каражаттар | *миң даана* | 1,7 | 3,9 | 3,8 | 18,5 | 25,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 92,7 | 34,7 | 35,0 | 25,2 | 74,3 |
| Жүк ташуу үчүн жана атайы багытка каралган автоунаалар | *миң даана* | 0,4 | 0,8 | 1,3 | 1,4 | 3,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 30,2 | 29,6 | 31,0 | 35,6 | 62,2 |
| Кыртышты, ташты, кендерди иргөө, элөө, майдалоо үчүн машинанын тетиктери | *миң даана* | 5,5 | 7,7 | 7,2 | 12,2 | 9,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 37,9 | 21,4 | 24,4 | 43,9 | 45,0 |
| Автоунаа тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 44,4 | 47,7 | 45,2 | 51,0 | 38,9 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу машиналар | *миң даана* | 302,6 | 220,0 | 346,6 | 330,9 | 287,7 |
| | *млн АКШ доллары* | 18,1 | 26,5 | 21,4 | 32,2 | 20,3 |
| Транспорт каражаттары үчүн ичинен күймө поршендик кыймылдаткычтар | *миң даана* | 9,8 | 71,7 | 22,5 | 23,9 | 32,1 |
| | *млн АКШ доллары* | 17,1 | 23,7 | 16,9 | 10,2 | 19,4 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор, өзү жүрүүчү сузуп жүктөгүчтөр | *миң даана* | 0,2 | 0,4 | 0,6 | 0,4 | 0,3 |
| | *млн АКШ доллары* | 15,0 | 14,5 | 23,3 | 22,1 | 17,4 |
| Жарандык курулуш үчүн машиналардын жана жабдуулардын башка категорияда камтылбаган тетиктери | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 23,5 | 29,4 | 24,3 | 35,6 | 17,2 |
| Турмуш-тиричилик муздаткычтары жана тоңдургучтары | *миң даана* | 57,9 | 117,7 | 200,6 | 183,8 | 97,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 9,4 | 13,6 | 22,3 | 21,1 | 13,8 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 556,3 | 498,3 | 615,3 | 600,1 | 344,4 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча “минерал отуну, майлоочу майлар жана ушул сыяктуу материалдар” бөлүгүнүн товардык позицияларынын импорту 2019-жылга салыштырмалуу 21,3 пайызга кыскарып, 551,2 млн АКШ долларын түзгөн. Аталган топтун импортунун товардык түзүмүндө мунай заттары олуттуу үлүштү ээлеген. Отчеттук мезгил ичинде мунай заттарын импорттоонун нарктык көлөмү 24,2 пайызга төмөндөп, 474,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Дизель отунун (67,9 млн АКШ долларына), бензинди (37,6 млн АКШ долларына), авиакеросинди (16,3 млн АКШ долларына), мазутту (7,9 млн АКШ долларына), майлоочу материалдарды (6,5 млн АКШ долларына) жана башка мунай заттарын (14,8 млн АКШ долларына) берүү көлөмдөрүнүн кыскарышы белгиленген.

МАЗМУНУ

**10-таблица. Мунай заттардын импорту***

| Аталышы | *өлчөө бирдиги* | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | жыйынтыгында, пайыздарда 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттар, бардыгы болуп** | ***миң т*** | **1 555,3** | **1 418,6** | **1 856,6** | **1 397,7** | **1 543,0** | **100,0** |
| | ***млн АКШ доллары*** | **463,3** | **568,1** | **818,0** | **625,9** | **474,6** | **100,0** |
| Дизель отуну | *миң т* | 347,5 | 541,3 | 706,3 | 535,4 | 577,1 | 37,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 131,3 | 225,2 | 409,2 | 288,9 | 221,0 | 46,6 |
| Автоунаа бензини | *миң т* | 719,5 | 628,9 | 852,5 | 655,8 | 794,5 | 51,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 180,3 | 220,5 | 302,0 | 221,7 | 184,1 | 38,8 |
| Авиакеросин | *миң т* | 181,2 | 80,0 | 75,1 | 63,4 | 56,2 | 3,6 |
| | *млн АКШ доллары* | 56,6 | 54,3 | 48,2 | 38,7 | 22,4 | 4,7 |
| Майлоочу материалдар | *миң т* | 13,9 | 16,2 | 18,5 | 24,2 | 18,9 | 1,2 |
| | *млн АКШ доллары* | 18,6 | 22,4 | 25,8 | 33,4 | 26,8 | 5,7 |
| Мазут | *миң т* | 223,5 | 76,2 | 13,8 | 58,3 | 68,5 | 4,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 57,4 | 17,8 | 4,5 | 21,6 | 13,7 | 2,9 |
| Иштетиле элек мунай | *миң т* | 14,7 | 1,3 | 2,1 | 1,2 | 0,4 | 0,0 |
| | *млн АКШ доллары* | 4,4 | 0,5 | 0,7 | 0,5 | 0,2 | 0,0 |
| Жана башка мунай заттар | *миң т* | 54,9 | 74,8 | 188,4 | 59,5 | 27,6 | 1,8 |
| | *млн АКШ доллары* | 14,7 | 27,5 | 27,7 | 21,1 | 6,3 | 1,3 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

“Ар түрдүү даяр буюмдар” тобунун товарларынын импорту отчеттук жылы 55,7 пайызга төмөндөп, 327,4 млн АКШ долларын түзгөн. Ал эми нарктын төмөндөшү “бут кийим” жана “кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар” статьялары боюнча импорттун кыскарышына байланыштуу келип чыккан, аларды берүүнүн нарктык көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 194,1 млн АКШ долларына жана 129,5 млн АКШ долларына кыскарган. COVID-19 коронавирус инфекциясына каршы күрөшүү боюнча иш-чаралар “механикалык-терапевттик приборлор; терапевттик респирациялык аппараттар” статьясы боюнча берүүлөрдүн 11,4 млн АКШ долларына көбөйүшүн шарттаган. Топтун башка товардык позициялары боюнча берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн бир аз өзгөрүүсү белгиленген.

**11-таблица. "Ар түрдүү даяр буюмдар" тобу боюнча негизги товарлар***

| Аталышы | өлчөө бирдиги | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | ***млн АКШ доллары*** | **733,0** | **805,3** | **1 059,8** | **739,3** | **327,4** |
| Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 261,4 | 263,7 | 388,9 | 226,8 | 97,3 |
| Бут кийим | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 258,3 | 300,5 | 372,6 | 255,3 | 61,3 |
| Пластмассадан жасалган товарларды ташуу же таңгактоо үчүн буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 18,2 | 18,5 | 28,0 | 25,3 | 20,5 |
| Механо-терапевттик аспаптар; терапевтик респирациялык аппараттар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 2,0 | 3,6 | 2,2 | 2,6 | 14,0 |
| Башка категорияда камтылбаган, пластмассадан жасалган буюмдар | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 7,4 | 8,2 | 17,5 | 10,9 | 10,2 |
| Жана башка медициналык инструменттер жана аспаптар | *млн даана* | 19,8 | 13,9 | 12,4 | 17,3 | 23,5 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,0 | 7,7 | 11,1 | 11,6 | 9,8 |
| Пластмассадан жасалган курулуш буюмдары | *миң т* | 2,9 | 6,5 | 4,0 | 3,9 | 6,4 |
| | *млн АКШ доллары* | 5,0 | 9,3 | 7,0 | 7,0 | 9,5 |
| Басып чыгаруучу материалдар | *миң т* | 1,3 | 4,3 | 4,5 | 4,8 | 4,9 |
| | *млн АКШ доллары* | 7,3 | 15,1 | 15,3 | 14,0 | 9,0 |
| Ымыркайлар үчүн коляскалар, оюнчуктар жана спорт товарлары | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 16,1 | 16,0 | 19,3 | 14,9 | 7,9 |
| Башка категорияда камтылбаган, гигиенанын майда буюмдары | — | | | | | |
| | *млн АКШ доллары* | 3,7 | 11,2 | 14,9 | 24,1 | 7,8 |
| Башка товарлар | *млн АКШ доллары* | 148,7 | 151,4 | 183,0 | 146,8 | 80,2 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде

**Импортту географиялык бөлүштүрүүдө** (СИФ баасында) ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн салыштырма салмагы төмөндөгөн шартта, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн берүүлөрдүн үлүшү отчеттук мезгил ичинде көбөйүү менен 50,3 пайызды түзгөн. ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттолгон товарлар түзүмүнүн олуттуу бөлүгүн отун-энергетикалык товарлар ээлейт, алардын негизги көлөмү Россия Федерациясынан жана Казакстан Республикасынан келип түшөт. Отчеттук мезгилде электр энергия продукцияларынан тышкары, андан ары өндүрүшкө пайдаланылуучу, инвестициялык жана керектөө багытындагы товарларды берүү көлөмү кыскаргандыгы белгиленген.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн үлүшү 2019-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда кыйла төмөндөө менен 49,7 пайызды түзгөн. Белгиленген динамика, негизинен, COVID-19 пандемиясынын жайылышына байланыштуу чек аралардын жабылышы жана Кытай менен транспорт байланышынын токтотулушу менен шартталган, бул керектөө товарларын берүү көлөмүнүн кыскарышына алып келген. Буга карабастан, Кытай товарларды импорттоо боюнча (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүнүн 40,3 пайызы) ири өнөктөштөрдүн бири бойдон калган. 2020-жылы берүүлөр көлөмү Түркиядан (10,6 пайыз), Өзбекстандан (10,3 пайыз) жана АКШдан (6,6 пайыз) да келип түшкөн.

МАЗМУНУ

## 12-таблица. Товарлардын айрым түрлөрүнүн импортунун географиялык түзүмү*
*(млн АКШ долларында)*

| Аталышы | Өлкөлөр | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | жыйынтыгында, пайыздарда 2020[1] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мунай заттары** | **Бардыгы болуп** | **463,3** | **568,1** | **818,0** | **625,9** | **474,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 384,0 | 513,8 | 676,7 | 501,1 | 390,1 | 82,2 |
| | Казакстан | 64,6 | 36,6 | 115,3 | 99,6 | 65,6 | 13,8 |
| **Автоунаалар** | **Бардыгы болуп** | **189,5** | **149,5** | **161,1** | **167,0** | **201,8** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | АКШ | 14,6 | 22,9 | 17,0 | 13,1 | 45,8 | 22,7 |
| | Россия | 32,1 | 20,1 | 31,5 | 15,0 | 41,0 | 20,3 |
| | Корея | 1,4 | 2,8 | 2,9 | 5,6 | 24,4 | 12,1 |
| **Медикаменттер (ветеринардык медикаменттерди кошо алганда)** | **Бардыгы болуп** | **114,8** | **167,7** | **149,8** | **172,7** | **186,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 17,0 | 27,6 | 17,7 | 25,7 | 32,0 | 17,2 |
| | Индия | 13,2 | 16,2 | 19,0 | 24,7 | 27,8 | 14,9 |
| | Түркия | 5,8 | 9,7 | 10,1 | 14,5 | 15,9 | 8,5 |
| | Германия | 10,4 | 10,3 | 12,7 | 9,6 | 11,0 | 5,9 |
| | Словения | 8,0 | 9,7 | 9,0 | 8,7 | 11,0 | 5,9 |
| **Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары** | **Бардыгы болуп** | **58,2** | **95,6** | **144,0** | **202,1** | **133,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 48,1 | 82,8 | 130,9 | 165,4 | 121,2 | 91,1 |
| **Кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар** | **Бардыгы болуп** | **261,4** | **263,7** | **388,9** | **226,8** | **97,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 182,3 | 146,0 | 247,1 | 145,9 | 47,9 | 49,2 |
| | Түркия | 64,0 | 80,3 | 107,5 | 47,9 | 23,1 | 23,8 |
| | Өзбекстан | 3,9 | 17,0 | 13,7 | 16,1 | 14,1 | 14,5 |
| **Эфир майлары, жуугуч каражаттар** | **Бардыгы болуп** | **80,2** | **83,8** | **103,7** | **90,5** | **74,6** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 22,7 | 33,6 | 31,1 | 38,3 | 34,5 | 46,2 |
| | Казакстан | 35,2 | 25,2 | 21,1 | 21,7 | 16,9 | 22,6 |
| | Франция | 4,3 | 5,5 | 6,3 | 7,6 | 7,5 | 10,1 |
| **Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **200,3** | **287,4** | **243,6** | **177,0** | **74,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 196,3 | 284,6 | 241,4 | 172,8 | 71,5 | 96,1 |
| **Бут кийим** | **Бардыгы болуп** | **258,3** | **300,5** | **372,6** | **255,3** | **61,3** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Кытай | 243,0 | 273,1 | 344,9 | 233,8 | 49,1 | 80,2 |
| | Түркия | 10,1 | 16,8 | 18,6 | 12,4 | 6,7 | 11,0 |
| **Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар** | **Бардыгы болуп** | **56,9** | **65,3** | **65,6** | **62,6** | **54,0** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 30,9 | 38,9 | 41,2 | 40,8 | 32,5 | 60,2 |
| | Казакстан | 10,5 | 13,0 | 11,7 | 10,0 | 11,0 | 20,3 |
| **Мөмө-жемиштер жана жаңгактар, жаңы жыйналган жана кургатылган** | **Бардыгы болуп** | **33,0** | **45,2** | **69,8** | **83,4** | **53,1** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Өзбекстан | 4,3 | 22,1 | 36,6 | 28,9 | 21,5 | 40,5 |
| | Кытай | 15,1 | 8,1 | 13,6 | 29,6 | 9,9 | 18,7 |
| | Эквадор | 0,8 | 1,2 | 3,6 | 6,4 | 7,2 | 13,5 |
| | Иран | 1,2 | 1,6 | 2,3 | 4,1 | 6,9 | 13,0 |
| **Дан азыктары, ундан жана жашылча-жемиш крахмалынан жасалган азыктар** | **Бардыгы болуп** | **28,7** | **44,3** | **44,7** | **54,1** | **48,7** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Россия | 18,6 | 26,7 | 29,5 | 33,7 | 33,8 | 69,5 |
| | Казакстан | 5,3 | 12,7 | 10,0 | 16,1 | 11,1 | 22,8 |
| **Трикотаж же согулган кездемелер** | **Бардыгы болуп** | **22,3** | **20,6** | **63,2** | **70,0** | **47,4** | |
| | *алардын ичинен* | | | | | | |
| | Түркия | 15,2 | 9,5 | 21,6 | 26,2 | 18,8 | 39,7 |
| | Өзбекстан | 5,1 | 5,2 | 6,0 | 9,8 | 14,0 | 29,5 |
| | Кытай | 1,4 | 4,2 | 34,2 | 33,6 | 13,0 | 27,5 |

* УСКнын СИФ баасындагы маалыматтарынын негизинде, УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын эске алуу менен

[1] Ар бир товардык позициянын жыйынтыгына карата пайыздарда.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

*COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышын оолдуктоого багытталган чектөө чаралары да транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн жана сапарлардын кыйла төмөндөшүн шарттаган.*

**3-графнк. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча тышкы соода***
*(млн АКШ долларында)*




* УСКнын маалыматтарынын негизинде, УСКнын жана Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

**4-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2020-жылдын жыйынтыгы боюнча эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсү 50,9 пайызга кыскарып, 1 032,3 млн АКШ долларын түзгөн.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын** терс сальдосу 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 175,9 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми 2019-жылы кызмат көрсөтүүлөр боюнча сальдо 61,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң маанide болгон. Мында, кызмат көрсөтүүлөр импорту сыяктуу эле (40,8 пайызга), экспорту да (60,4 пайызга) төмөндөгөндүгү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде **кызмат көрсөтүүлөр экспорту** 428,2 млн АКШ долларын түзгөн, бул товарларды экспорттоонун чогуу алгандагы көлөмүнүн 21,3 пайызына туура келет. **Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 604,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул товарлар импортунун 17,7 пайызын түзгөн.

2020-жылдын отчеттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөрдү аныктаган статьялар катары кыдыруулар, ошондой эле транспорттук жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөрү болгон, аларга чогуу алганда эл аралык кызмат көрсөтүүлөр жүгүртүүсүнүн 84,9 пайызы туура келген.

Отчеттук мезгилде транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн сальдосу терс түптөлүп, 200,1 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2019-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 8,9 пайызга көп. Мында транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспортунун 43,6 пайызга (негизинен аба транспортунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен) жана импорт көлөмүнүн 22,3 пайызга кыскаргандыгы байкалган (темир жол транспортунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсебинен).

COVID-19 пандемиясына байланыштуу киргизилген чектөөлөр да туристтердин агымынын кыйла кыскарышына таасирин тийгизген. Чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасына кыдырууларына байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдүн (кызмат көрсөтүүлөр экспорту) жалпы көлөмү отчеттук мезгилде 76,5 пайызга төмөндөгөн. Резиденттер чет өлкөгө барганда сунушталган кызмат көрсөтүүлөр көлөмү (кыдыруулар импорту) 77,3 пайызга кыскарган. Жыйынтыгында, “кыдыруулар” статьясынын оң сальдосу 62,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2019-жылдагы деңгээлден 75,3 пайызга төмөн.

МАЗМУНУ

Отчеттук мезгилде ишкердик кызмат көрсөтүүлөрүнүн таза экспорту терс түптөлүп, 34,0 пайызга көбөйүү менен 33,8 млн АКШ долларын түзгөн.

**КИРЕШЕЛЕР**

*Отчеттук мезгил ичинде "кирешелер" статьясынын динамикасы тике инвестициялар боюнча кирешелер көлөмүнүн өзгөрүү динамикасы менен аныкталган.*

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча **"кирешелер"** статьясынын сальдосу 329,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2019-жылдын ушул көрсөткүчүнөн 57,7 пайызга аз. Статьянын калыптанышына, негизинен, тике чет өлкө инвесторлоруна кирген резидент компаниялардын кайра инвестицияланган кирешелеринин көлөмү таасирин тийгизген. 2019-жылы резидент эместердин кайра инвестицияланган кирешелери 498,1 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми өтүп жаткан жылы бул статья чыгымдар менен мүнөздөлгөн. Бөлүштүрүлгөн пайданын көлөмү тике инвесторлорго дивиденддерди төлөөдөн улам, 25,9 пайызга көбөйүп, 257,4 млн АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, "резидент эместердин тике инвестициялар боюнча кирешелери" статьясынын сальдосу 220,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн.

Мурда алынган кредиттер боюнча пайыздарды төлөө көлөмү 24,7 пайызга өсүп, 101,6 млн АКШ долларын түзгөн. Белгиленген динамика "башка инвестициялар боюнча башка кирешелер" статьясы боюнча кирешенин 78,4 пайызга төмөндөшү менен бирге эле, "башка инвестициялар боюнча кирешелер" статьясынын тартыштыгынын 67,5 пайызга (96,5 млн АКШ долларына чейин) өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

"Эмгекке төлөө" статьясы боюнча сальдо резидент эместердин Кыргыз Республикасында жүргүзгөн ишинен түшкөн жыйынды кирешенин көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында, 13,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлүп, 13,6 пайызга төмөндөгөн.

**ТРАНСФЕРТТЕР**

*Күндөлүк трансферттердин терс динамикасына расмий трансферттердин көлөмүнүн төмөндөшү таасирин тийгизген, ал эми жеке трансферттер 2019-жылдагы деңгээлде катталган.*

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттердин** оң балансы 1,1 пайызга төмөндөө менен 2 246,1 млн АКШ долларын түзгөн. Расмий трансферттер 2019-жылга караганда 31,4 млн АКШ долларына аз өлчөмдө келип түшкөн.

Жеке трансферттер түзүмүндө, мурдагыдай эле, түшүүлөрдүн дээрлик бардык көлөмү иштеп жаткандардын акча которууларынын эсебинен камсыздалган. Отчеттук мезгил ичинде акча которуулардын дүң агылып кирүү жана агылып чыгуу көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,5 жана 11,5 пайызга төмөндөгөн. Натыйжада, акча которуулардын таза агылып кирүүсү 2 136,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул өткөн жылдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,1 пайызга аз.

**13-таблица. Иштеп жаткандардын акчалай которууларынын түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | 1 796,5 | 2 231,5 | 2 356,0 | 2 138,7 | 2 136,1 |
| 1.1.1. Түшүүлөр | 2 158,0 | 2 688,8 | 2 902,9 | 2 697,6 | 2 630,6 |
| алардын ичинен: | | | | | |
| *Акча которуу системалары боюнча түшүүлөр* | *1 991,3* | *2 482,4* | *2 685,3* | *2 406,9* | *2 377,2* |
| *Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери[1]* | *2,4* | *2,3* | *2,4* | *2,7* | *45,0* |
| *Почта аркылуу калктын акча которуулары* | *0,9* | *1,1* | *0,9* | *0,9* | *0,6* |
| *Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрү[2]* | *163,4* | *203,1* | *214,3* | *287,1* | *207,8* |
| 1.1.2. Агылып чыгуу | -361,5 | -457,3 | -546,9 | -558,9 | -494,5 |

* Кошумча баа берүүлөрдү эске алганда, Улуттук банктын маалыматтары боюнча

[1] 3000 АКШ долларынан ашпаган өлчөмдөгү которуулар эске алынган; 2020-жылдан тартып телефон номери боюнча которуулар да эске алынган.

[2] Мигранттардын нак формада алынып келинген которууларынын бөлүгүн кошумча эсептөө үчүн 10% өлчөмүндө кошумча баа берүү коэффициенти колдонулат (2019-жылдын I чейрегинен тартып 2020-жылдын I чейрегин кошо алгандагы мезгилде – 15,5%)

Эмгек мигранттарынан республикага акча каражаттарын которуунун негизги ыкмасы болуп акча которуу системалары калууда[7]. 2020-жылдын январь-декабрь айларында которуу системалары аркылуу келип түшкөн каражаттардын таза көлөмү 2 377,2 млн АКШ долларын түзгөн[8], бул 2019-жылдын көрсөткүчүнөн 1,2 пайызга аз. Өлкөдөн багытталган которуулардын көлөмү 12,0 пайызга төмөндөп, 488,2 млн АКШ долларын түзгөн.

Акча которуулардын географиялык түзүмү өзгөрүүсүз бойдон калууда. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча акча которуулардын басымдуу бөлүгү Россия Федерациясынан келген (97,8 пайыз). Кыргыз Республикасынан жөнөтүлгөн которуулардын түзүмүндө анын олуттуу көлөмү Россия Федерациясына туура келет (97,2 пайыз).

**5-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




Акча которуулар соода тартыштыгын каржылоонун негизги булагы бойдон калууда. Акча которуулардын сальдосун мурдагыдай эле керектөө товарларынын таза экспорту жабат, ал өз кезегинде 1 002,4 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде түптөлгөн.

МАЗМУНУ

[7] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана “Кыргызпочтасы” МИ аркылуу которуулар.
[8] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда.

МАЗМУНУ

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

*Тике чет өлкө инвестицияларынын терс динамикасы капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин тартыштыгын шарттаган.*

**6-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




2020-жылдын жыйынтыгында капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби (төлөм теңдемин аналитикалык берүү) 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 554,2 млн АКШ доллар суммасындагы оң маанисине карата 268,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн, бул коронавирустун жайылышынан келип чыккан тенденциялардын натыйжасы болгон.

**Капитал менен операциялар эсебинин** сальдосу 79,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң болгон, бул мамлекеттик секторго программалык гранттардын жана жеке секторго товарлар түрүндө трансферттердин аз келип түшүүсүнүн таасири алдында өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлден 9,8 пайызга төмөн.

**Финансылык эсеп** 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча 465,7 млн АКШ долларынын оң сальдосуна карата 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча 348,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн. “Тике инвестициялар” статьялары финансылык эсепти түзүүгө негизги таасирин тийгизген. Отчеттук мезгил ичинде “тике инвестициялар” статьясы боюнча сальдо терс болуп, 511,6 млн АКШ долларын түзгөн, ал эми 2019-жылдын январь-декабрь айларында 336,7 млн АКШ долларында оң сальдо байкалган[9]. Башка капиталга инвестицияланган финансылык каражаттардын көлөмү 460,9 млн АКШ доллар өлчөмүндө терс мааниде калыптанган, бул негизинен чет өлкөлүк кошо ээлик кылуучулардан тике инвестициялоо ишканалары тарабынан алынган кредиттердин негизги суммасы боюнча төлөөлөрдүн көбөйүшүнөн улам келип чыккан. Акционердик капитал жана кайра инвестицияланган пайда боюнча 4,0 млн жана 44,5 млн доллар өлчөмүндө каражаттардын таза агылып чыгуусу катталган. Жалпысынан отчеттук жыл мурда алынган каражаттар боюнча агылып чыгуунун 55,6 пайызга көбөйүшүнүн алкагында, өлкөгө тике инвестициялардын дүң агылып кирүүсүнүн 20,1 пайызга төмөндөшү менен мүнөздөлгөн.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча “башка инвестициялар” статьясы боюнча сальдо 148,6 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн. Ушул статьянын оң сальдосунун калыптанышы, өлкө резиденттеринин активдеринин чет өлкөлөргө которууларынын азайышы сыяктуу эле, резидент эместер алдындагы милдеттенмелеринин өсүшү менен да шартталган.

[9] Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алганда.

2020-жылдын январь-декабрь айларында резиденттердин чет өлкө активдери 80,3 млн АКШ долларына көбөйгөн, бул өткөн жылдын көрсөткүчүнөн 25,1 пайызга аз. Чет өлкө активдеринин көлөмүнүн төмөндөшүнө резидент эместер алдында дебитордук карыздардын жана чет өлкөдөгү резиденттердин башка активдеринин азайышы олуттуу таасир эткен. Резидент ишканалардын дебитордук карызынын көлөмү 35,6 млн АКШ долларына төмөндөгөн. 2020-жылдын акырына карата абал боюнча, дебитордук карыздын басымдуу көлөмү дүң жана чекене соода, автомобиль жана мотоциклдерди оңдоо менен алектенген ишканаларга, ошондой эле иштеп чыгуу өнөр жайынын мекемелерине, кесиптик, илимий жана техникалык ишке туура келген. Ошондой эле, өлкөнүн коммерциялык банктары чет өлкө эсептериндеги депозиттер жана нак акча түрүндө чет өлкө активдерин 175,6 млн АКШ долларына көбөйткөнүн белгилей кетүү зарыл.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча, резидент эместердин алдында милдеттенмелер 228,2 млн АКШ долларына көбөйгөн. Төлөм теңдеминин аналитикалык берүүсүндө мамлекеттик жана жеке секторго кредиттердин таза агылып кирүүсү 94,7 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2019-жылга караганда 29,9 пайызга аз. Мамлекеттик секторго берилген кредиттер боюнча 41,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө каражаттардын таза агылып кирүүсү байкалган, бул мамлекеттик сектор алган кредиттердин көлөмүнүн (195,5 млн АКШ доллары) карыздын негизги суммасы боюнча төлөөлөрдүн көлөмүнөн ашып кетиши менен байланыштуу болгон (154,3 млн АКШ доллары)[10].

Жеке сектор тарабынан алынган кредиттердин көлөмү 2020-жылдын жыйынтыгында 436,8 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2019-жылдагы деңгээлден 24,4 пайызга төмөн. Мамлекеттик эмес сектордун карызынын негизги суммасы боюнча төлөөлөрдүн көлөмү 24,6 пайызга (383,2 млн АКШ долларына чейин) кыскарган. Натыйжада, жеке секторго берилген кредиттердин таза көлөмү 56,9 млн АКШ долларын түзгөн, бул 2019-жылдын салыштырма көрсөткүчүнөн 22,4 пайызга аз.

Коммерциялык банктардын нак акча жана депозит түрүндө милдеттенмелери отчеттук мезгилде 3,5 млн АКШ долларына төмөндөгөн.

Каралып жаткан мезгил ичинде резидент ишканалардын кредитордук карызынын көлөмү 137,6 млн АКШ долларына көбөйгөн, бул 2019-жылдагыдан 2,4 эсе көп жана “башка инвестициялар” статьясынын тенденциясына чечүүчү таасирин тийгизген. Жалпысынан, кредитордук карыздын жалпы көлөмүндө басымдуу салыштырма салмакты өз ишин дүң жана чекене соода, иштеп чыгуу өнөр жайы, пайдалуу кен казып алуу, маалымат жана байланыш чөйрөсүндө иштеген ишканалар ээлейт, буларга чогуу алганда карыздын жалпы суммасынын 80,0 пайызынан ашыгы туура келет.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 122,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн.

“Каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын балансы Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда, 181,9 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн. 2020-жылдын акырына карата эл аралык дүң камдардын көлөмү 2 808,1 млн АКШ долларын түзгөн, бул келечектеги товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 6,9 айынын ордун жабат[11].

---

[10] ЭВФ кредиттерин эске албаганда. 2020-жылы Тез кредиттөө механизминин жана Тез каржылоо инструментинин алкагында ЭВФ тарабынан бөлүнгөн каражаттар, төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык, төлөм теңдемин аналитикалык берүүлөрдө (14-таблица) “чектен төмөнкү” статьяларында чагылдырылат. 2020-жылы ЭВФтен кредиттердин таза агылып кирүүсү 216,9 млн АКШ долларын түзгөн.

[11] Маалымат үчүн: камдык активдер көлөмү келечектеги товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 6,4 айынын ордун жабат.

**14-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналититикалык түрдө берүү)**
*(млн АКШ долларында)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-788,0** | **-481,8** | **-997,0** | **-1 073,2** | **327,7** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -2 340,0 | -2 475,3 | -3 166,9 | -2 564,2 | -1 588,8 |
| Соода балансы[1] | -2 136,5 | -2 383,3 | -3 033,8 | -2 626,0 | -1 412,9 |
| Экспорт (ФОБ) | 1 607,9 | 1 813,9 | 1 916,0 | 2 042,9 | 2 009,6 |
| ЕАЭБ өлкөлөрү | 447,2 | 541,5 | 640,6 | 641,7 | 546,3 |
| ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкары башка өлкөлөр | 1 160,7 | 1 272,4 | 1 275,4 | 1 401,3 | 1 463,2 |
| Импорт (ФОБ) | 3 744,4 | 4 197,2 | 4 949,9 | 4 669,0 | 3 422,5 |
| ЕАЭБ өлкөлөрү | 1 519,8 | 1 733,4 | 2 011,0 | 1 961,5 | 1 731,6 |
| ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкары башка өлкөлөр | 2 224,6 | 2 463,8 | 2 938,9 | 2 707,5 | 1 690,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -203,5 | -92,0 | -133,0 | 61,8 | -175,9 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 841,0 | 823,8 | 829,9 | 1 082,7 | 428,2 |
| Алынган кызматтар | -1 044,5 | -915,8 | -962,9 | -1 020,8 | -604,1 |
| Транспорттук кызматтар | -239,4 | -225,9 | -280,0 | -183,6 | -200,1 |
| Кыдыруулар | -28,6 | 136,2 | 145,3 | 252,4 | 62,5 |
| Курулуш | 45,8 | 8,2 | 3,9 | 6,9 | 0,6 |
| Башка кызматтар | 38,7 | 9,5 | 17,9 | 6,2 | -18,8 |
| Техникалык жардам | -20,0 | -20,0 | -20,0 | -20,0 | -20,0 |
| Кирешелер[1] | -350,7 | -371,6 | -251,0 | -779,3 | -329,6 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -269,5 | -295,9 | -191,8 | -706,7 | -220,2 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -64,9 | -56,9 | -45,6 | -57,6 | -96,5 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -69,8 | -76,2 | -77,2 | -81,5 | -101,6 |
| Эмгекке төлөөлөр | -16,3 | -18,8 | -13,6 | -15,0 | -13,0 |
| Күндөлүк трансферттер | 1 902,7 | 2 365,1 | 2 420,9 | 2 270,3 | 2 246,1 |
| **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** | **708,1** | **609,3** | **536,3** | **554,2** | **-268,5** |
| Капитал менен операциялар эсеби | 112,6 | 131,3 | 335,0 | 88,5 | 79,8 |
| Капиталдык трансферттер[1] | 112,6 | 131,3 | 335,0 | 88,5 | 79,8 |
| Финансылык эсеп | 595,5 | 478,0 | 201,3 | 465,7 | -348,2 |
| Тике инвестициялар[1] | 579,0 | -78,1 | 44,3 | 336,7 | -511,6 |
| Портфелдик инвестициялар | -7,2 | -24,9 | -9,2 | 25,0 | 15,1 |
| Финансылык деривативдер | 6,3 | 2,8 | -0,4 | — | -0,3 |
| Башка инвестициялар | 17,5 | 578,2 | 166,6 | 104,1 | 148,6 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -98,3 | 424,4 | 22,8 | -107,1 | -80,3 |
| Коммерциялык банктар | 92,1 | -5,5 | -3,7 | -20,1 | -175,4 |
| Жана башка активдер | -190,4 | 429,9 | 26,5 | -87,0 | 95,1 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 115,8 | 153,8 | 143,8 | 211,2 | 228,8 |
| Коммерциялык банктар | -33,7 | -13,2 | 47,7 | 19,4 | -3,5 |
| Кредиттер | 92,1 | 176,2 | -61,3 | 135,1 | 94,7 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 237,4 | 214,8 | -191,2 | 66,2 | 41,2 |
| Алынганы | 343,5 | 326,3 | 150,0 | 188,1 | 195,5 |
| Амортизация (график) | -106,1 | -111,5 | -341,2 | -122,0 | -154,3 |
| Жеке секторго кредиттер | -145,4 | -38,6 | 130,0 | 69,0 | 53,6 |
| Алынганы | 342,2 | 344,6 | 460,9 | 577,5 | 436,8 |
| Амортизация (график) | -487,6 | -383,2 | -330,9 | -508,5 | -383,2 |
| Жана башка милдеттенмелер | 57,4 | -9,2 | 157,4 | 56,6 | 137,6 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **385,5** | **-112,1** | **297,1** | **565,7** | **-181,9** |
| **Жалпы баланс** | **305,6** | **15,3** | **-163,6** | **46,7** | **-122,7** |
| **Каржылоо** | **-305,6** | **-15,3** | **163,6** | **-46,7** | **122,7** |
| Улуттук банктын резервдери[2] ( "-" көбөйүү) | -311,8 | -43,7 | 187,9 | -16,5 | -108,4 |
| ЭВФтин кредиттери | 6,2 | 1,4 | -29,1 | -25,5 | 216,9 |
| Өзгөчө каржылоо | — | 26,9 | 4,8 | -4,7 | 14,2 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — |

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

[2] ЭВФтин методологиясына ылайык Кыргыз Республикасынын резиденттеринен сатылып алынган камдык активдердин курамына кошуу үчүн операциялардын натыйжасында куйма түрүндөгү алтын өзгөртүүлөрдөн алынып салынып, башка өзгөртүүлөргө киргизилген.



МАЗМУНУ

| 2019 I | 2019 II | 2019 III | 2019 IV | 2020 I | 2020 II | 2020 III | 2020 IV | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **-294,1** | **-274,4** | **-201,7** | **-303,1** | **-25,4** | **177,0** | **182,5** | **-6,5** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -620,7 | -690,9 | -680,5 | -572,2 | -447,8 | -199,0 | -411,9 | -530,0 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -612,0 | -667,1 | -761,0 | -585,9 | -440,6 | -135,1 | -356,3 | -480,9 | Соода балансы[1] |
| 483,0 | 479,9 | 463,0 | 617,0 | 483,5 | 545,9 | 544,7 | 435,5 | Экспорт (ФОБ) |
| 149,3 | 151,8 | 170,2 | 170,3 | 146,3 | 126,4 | 151,7 | 122,0 | ЕАЭБ өлкөлөрү |
| 333,7 | 328,1 | 292,8 | 446,7 | 337,2 | 419,5 | 393,0 | 313,5 | ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкары башка өлкөлөр |
| 1 095,0 | 1 147,0 | 1 224,1 | 1 202,9 | 924,1 | 681,0 | 901,0 | 916,4 | Импорт (ФОБ) |
| 431,9 | 508,8 | 519,8 | 501,0 | 527,4 | 363,9 | 424,5 | 415,8 | ЕАЭБ өлкөлөрү |
| 663,1 | 638,2 | 704,3 | 701,8 | 396,7 | 317,1 | 476,5 | 500,5 | ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкары башка өлкөлөр |
| -8,6 | -23,8 | 80,6 | 13,7 | -7,2 | -63,9 | -55,6 | -49,2 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 212,1 | 260,5 | 351,4 | 258,7 | 164,7 | 69,5 | 94,5 | 99,7 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -220,7 | -284,2 | -270,9 | -245,0 | -171,9 | -133,3 | -150,1 | -148,8 | Алынган кызматтар |
| -50,3 | -51,4 | -49,4 | -32,6 | -35,8 | -48,4 | -57,2 | -58,7 | Транспорттук кызматтар |
| 44,8 | 27,7 | 125,6 | 54,4 | 36,2 | 3,3 | -0,3 | 23,3 | Кыдыруулар |
| -0,2 | 1,5 | 2,4 | 3,2 | 0,6 | 3,5 | -0,6 | -3,0 | Курулуш |
| 2,1 | 3,4 | 6,9 | -6,3 | -3,3 | -17,3 | 7,5 | -5,8 | Башка кызматтар |
| -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | -5,0 | Техникалык жардам |
| -196,8 | -116,6 | -122,8 | -343,2 | 13,5 | -121,6 | -143,8 | -77,7 | Кирешелер[1] |
| -179,8 | -99,5 | -99,2 | -328,2 | 34,2 | -102,0 | -111,8 | -40,6 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -13,3 | -13,3 | -20,0 | -11,0 | -17,7 | -15,6 | -29,7 | -33,5 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -19,8 | -20,6 | -24,2 | -16,9 | -21,6 | -19,6 | -28,6 | -31,9 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| -3,8 | -3,7 | -3,6 | -3,9 | -3,0 | -4,0 | -2,4 | -3,6 | Эмгекке төлөөлөр |
| 523,4 | 533,0 | 601,6 | 612,3 | 408,9 | 497,6 | 738,3 | 601,3 | Күндөлүк трансферттер |
| **135,6** | **120,8** | **6,6** | **291,3** | **-407,6** | **214,9** | **9,9** | **-85,6** | **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** |
| 14,8 | 18,6 | 31,2 | 23,8 | 10,4 | 16,5 | 19,8 | 33,1 | Капитал менен операциялар эсеби |
| 14,8 | 18,6 | 31,2 | 23,8 | 10,4 | 16,5 | 19,8 | 33,1 | Капиталдык трансферттер[1] |
| 120,8 | 102,2 | -24,7 | 267,5 | -418,0 | 198,3 | -9,8 | -118,7 | Финансылык эсеп |
| 101,0 | 40,0 | -37,3 | 232,9 | -345,2 | -57,6 | -16,9 | -92,0 | Тике инвестициялар[1] |
| 10,0 | 20,0 | -0,1 | -4,9 | 15,0 | 0,1 | 0,1 | -0,2 | Портфелдик инвестициялар |
| 0,2 | — | — | -0,3 | -0,1 | 0,5 | -1,1 | 0,4 | Финансылык деривативдер |
| 9,6 | 42,1 | 12,7 | 39,8 | -87,8 | 255,2 | 8,0 | -27,0 | Башка инвестициялар |
| -18,8 | -90,4 | -119,9 | 121,9 | -91,7 | 48,6 | -46,7 | 9,5 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 34,6 | -37,3 | -90,9 | 73,5 | -75,1 | 5,6 | -46,5 | -59,4 | Коммерциялык банктар |
| -53,4 | -53,1 | -29,0 | 48,4 | -16,6 | 43,1 | -0,2 | 68,9 | Жана башка активдер |
| 28,4 | 132,4 | 132,5 | -82,2 | 3,9 | 206,6 | 54,8 | -36,5 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| -6,2 | 40,2 | 12,0 | -26,5 | 7,9 | -2,2 | 10,0 | -19,2 | Коммерциялык банктар |
| 15,1 | 57,2 | 102,9 | -40,0 | -9,3 | 164,8 | -55,5 | -5,3 | Кредиттер |
| -25,3 | 0,4 | 21,8 | 69,2 | 12,7 | 16,3 | 14,0 | -1,9 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 9,1 | 23,9 | 57,8 | 97,4 | 48,3 | 73,5 | 26,4 | 47,3 | Алынганы |
| -34,3 | -23,5 | -36,0 | -28,2 | -35,6 | -57,1 | -12,4 | -49,2 | Амортизация (график) |
| 40,3 | 56,8 | 81,1 | -109,3 | -22,0 | 148,5 | -69,6 | -3,3 | Жеке секторго кредиттер |
| 139,9 | 117,1 | 155,5 | 165,0 | 121,1 | 217,5 | 42,0 | 56,2 | Алынганы |
| -99,5 | -60,3 | -74,4 | -274,2 | -143,1 | -69,0 | -111,6 | -59,6 | Амортизация (график) |
| 19,5 | 35,0 | 17,7 | -15,6 | 5,3 | 44,0 | 100,3 | -12,0 | Жана башка милдеттенмелер |
| **154,3** | **114,9** | **162,9** | **133,6** | **378,2** | **-303,6** | **-177,2** | **-79,3** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-4,2** | **-38,7** | **-32,2** | **121,7** | **-54,8** | **88,2** | **15,3** | **-171,5** | **Жалпы баланс** |
| **4,2** | **38,7** | **32,2** | **-121,7** | **54,8** | **-88,2** | **-15,3** | **171,5** | **Каржылоо** |
| 12,0 | 48,9 | 35,2 | -112,5 | -62,8 | -203,1 | -23,0 | 180,7 | Улуттук банктын резервдери[2] ( "-" көбөйүү) |
| -3,1 | -10,2 | -3,0 | -9,2 | 117,6 | 113,2 | -4,4 | -9,5 | ЭВФтин кредиттери |
| -4,7 | — | — | — | — | 1,7 | 12,2 | 0,3 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) жана эл аралык инвестициялык позициянын сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык методологияга өтүү**

Учурда Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасы, Улуттук банк тарабынан Эл аралык валюта фондунун төлөм теңдеми боюнча колдонмосунун (5-басылмасы) талаптарына ылайык түзүлөт. Муну менен бирге эле, тышкы сектордун статистикасынын методологиясы жаңы эл аралык стандарттарга ылайык келишин камсыз кылуу максатында, Улуттук банк ЭВФтин жаңы методологиясынын төлөм теңдеминин статистикасын түзүү – Төлөм теңдеми боюнча колдонмого (6-басылма) өтүү жагында иштерди жүргүзүүдө.

Бул кыстырмада Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык маалымат), ошондой эле Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык түзүлгөн Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы берилген.

Колдонмонун 6-басылмасы буга чейинки 5-басылмага ылайык түзүлгөндүктөн, жаңы методологияга негизденген төлөм теңдеминин статистикалык маалыматтары, бүтүндөй алганда, колдонмонун 5-басылмасына ылайык түзүлгөн маалыматтарга дал келет. Мында, 6-басылмада төлөм теңдеминин айрым статьяларын кайра топтоштуруу зарылчылыгы келип чыккандыктан, төлөм теңдеминин эсептеринин мааниси өзгөргөн.

Колдонмонун 5-басылмасына салыштырмалуу 6-басылмада операцияларды эсепке алуу системасындагы негизги өзгөрүүлөр 1-таблицада келтирилген.

**1-таблица. Төлөм теңдеминде операцияларды чагылдыруу**

| | | **Төлөм теңдеминин колдонмосунун 5-басылмасы** | | **Төлөм теңдеминин колдонмосунун 6-басылмасы** | |
|---|---|---|---|---|---|
| Негизги статьялардын аталыштары | | 1.Күндөлүк операциялар эсеби<br>– Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр<br>– Кирешелер<br>– Күндөлүк трансферттер<br>2. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби<br>– Капитал менен операциялар эсеби<br>– Финансылык эсеп | | 1.Күндөлүк операциялардын эсеби<br>– Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр<br>**– Баштапкы кирешелер**<br>**– Экинчи кирешелер**<br>2.Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби<br>3.Финансылык эсеп | |
| | | *Кредит* | *Дебет* | *Кредит* | *Дебет* |
| Күндөлүк операциялар эсеби жана капитал менен операциялар эсеби | Өткөрүүлөр боюнча операцияларды чагылдыруу | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту, алууга трансферттер жана өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдердин чыгарылышы | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импорту, төлөөгө киреше, төлөөгө трансферттер жана өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдердин сатылып алынышы | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту, алууга **баштапкы** киреше, алууга **экинчи** киреше жана өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдердин чыгарылышы | Товарлар жана кзмат көрсөтүүлөр импорту, төлөөгө **баштапкы** киреше, төлөөгө **экинчи** киреше жана өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдердин сатылып алынышы |
| | Өткөрүүлөрдө белгилерди колдонуу | Кредит боюнча чагылдырылган операциялар, “плюс” (+) белгиси менен белгиленет | Дебет боюнча чагылдырылган операциялар “минус” (–) белгиси менен белгиленет | Кредит боюнча чагылдырылган операциялар “плюс” (+) белгиси менен белгиленет | Дебет боюнча чагылдырылган операциялар “плюс” (+) белгиси менен белгиленет |
| | Сальдо аныктамасы | Жыйынтык сальдо = кредит + дебет | | Жыйынтык сальдо = кредит – дебет | |

| | | Төлөм теңдеминин колдонмосунун 5-басылмасы | | Төлөм теңдеминин колдонмосунун 6-басылмасы | |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык эсеп | | *Агылып кирүү* | *Агылып чыгуу* | *Финансылык активдерди таза сатып алуу* | *Милдеттенмелерди таза кабыл алуу* |
| | Өткөрүүлөр боюнча операцияларды чагылдыруу | Активдердин азаюусу, милдеттенмелердин көбөйүүсү | Активдердин көбөйүүсү, милдеттенмелердин азаюусу | Активдердин азаюусун алып салуу менен активдерди сатып алуу (финансылык активдердин таза өзгөрүүсү) | Милдеттенмелердин азаюусун алып салуу менен милдеттенмелерди кабыл алуу (финансылык милдеттенмелердин таза өзгөрүүсү) |
| | Өткөрүүлөрдө белгилерди колдонуу | Активдер: “минус” (–) белгиси– көбөйүү, “плюс” (+) белгиси – азаюу Милдеттенмелер: “плюс” (+) белгиси – көбөйүү, “минус” (–) белгиси – азаюу | | Активдер: “плюс” (+) белгиси– көбөйүү, “минус” (–) белгиси– азаюу Милдеттенмелер: “плюс” (+) белгиси– көбөйүү, “минус” (–) белгиси– азаюу | |
| | Сальдо аныктамасы | Финансылык эсептин жыйынтык сальдосу = активдердин өзгөрүүсү + милдеттенмелердин өзгөрүүсү | | Таза кредиттөө (+)/таза карыз алуу (–) = активдердин өзгөөрүүсү – милдеттенмелердин өзгөрүүсү | |

**Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылманын) методологиясына ылайык Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин эсептери боюнча өзгөрүүлөрдүн тизмеги**

**Товарлар**

Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылманын) методологиялык талаптарына ылайык, “Товарлар” статьясында аталган эсепти сунуштоо формасына, статьяларды кайра топтоштурууга жана финансы рынокторунда өзгөчө ролунан улам, айрым товарларды бөлүүгө тиешелүү олуттуу өзгөрүүлөр жүргөн. Ошентип, “Товарлар” статьясында төмөнкүдөй компоненттерди чагылдыруу сунушталат: *товарларды төлөм теңдеминин методологиясы боюнча экспорттоо/импорттоо, чет өлкөдө товарларды кайра сатуунун алкагында товарларды таза экспорттоо, монетардык эмес алтын.*

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин товарлар эсептерин Колдонмонун 6-басылмасынын талаптарына ылайык келтирүүдө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр белгиленген:

- негизги компонент катары төмөнкүлөр чагылдырылат: товарларды экспорттоо/импорттоо жана монетардык эмес алтын;
- товарлар экспортунун курамында реэкспорт кошумча статья түрүндө өзүнчө бөлүп көрсөтүлөт;
- жүк ташуучулар тарабынан порттордо сатып алынуучу товарлар, товарларды экспорттоо/импорттоо статьясына камтылат, ал эми Колдонмонун 5-басылмасына ылайык мындай товарлар өзүнчө статья түрүндө көрсөтүлгөн;
- мигранттардын жеке буюмдары товарларды экспорттоо/импорттоо статьясына камтылбайт жана төлөм теңдеминин эсептеринде чагылдырылбайт, анткени жаңы түшүндүрмөгө ылайык, аталган түшүнүк операция катары классификацияланбайт;
- кайра иштеп чыгуу үчүн товарлар, ремонттон өткөрүлүүчү товарлар “Товарлар” статьясынан алынып салынат, бул Колдонмонун 6-басылмасына ылайык, резидент менен резидент эмес ортосунда товарга менчик укугу өткөрүлбөй тургандыгынан улам шартталган.

**Кызмат көрсөтүүлөр**

Төлөм теңдеминде эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү эсепке алуунун жалпы концепциясы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Жаңы методологияга ылайык негизги корректировкаларда бир катар көрсөткүчтөрдү эсепке алуу тартибин жана методологиясын тактоо, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөр эсептерин Улуттук эсептер тутумунун 2008 жана Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр статистикасы боюнча колдонмонун (БУУ, 2011) концептуалдык негиздерине ылайык келтирүү максатында, кызмат көрсөтүүлөр боюнча бөлүктөрдү жана айрым статьяларды кайра топтоштуруу же атоолорду кайра өзгөртүү камтылат.

Колдонмонун 6-басылмасынын методологиясына ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин кызмат көрсөтүүлөр эсеби боюнча төмөнкүдөй корректировкалар жүргүзүлгөн:

- кызмат көрсөтүүлөр бөлүгүнө “Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр” жаңы статьясы киргизилген. Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө ага таандык болбогон материалдык ресурстарды иштеп чыккан тарап алган төлөм гана кирет;
- почта жана курьердик байланыш кызмат көрсөтүүлөрү (мурда “Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү” статьясынын курамында чагылдырылуучу) “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” статьясына киргизилген;
- “Курулуш кызмат көрсөтүүлөрү” статьясы “Курулуш” статьясына өзгөртүлгөн, бул эң башкысы, аталган статьяда курулуш иши жүргүзүлүп жаткан өлкөдө курулушту жүзөгө ашырып жаткан резидент эмес-ишкана тарабынан сатылып алынган курулуш иштери сыяктуу эле, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү да эсепке алуу фактысын чагылдырат. Курулуш чет өлкөдөгү курулуш жана Кыргыз Республикасындагы курулуш болуп бөлүнөт;
- “Роялти жана лицензиялык төлөмдөр” статьясы (мурда “Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр” статьясынын курамында чагылдырылуучу) Колдонмонун 6-басылмасынын методологиясына ылайык кайра өзгөртүлүп, “Башка категорияларга тиешелүү болбогон интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөм” деген аталыштагы өзүнчө статьяны түшүндүрөт;
- Телекоммуникациялык (мурда “Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү” статьясында чагылдырылуучу) кызмат көрсөтүүлөр мурда өзүнчө статья болгон компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр менен биригүүчү жаңы статьяга киргизилген.

**Баштапкы кирешелер**

Тышкы экономикалык иш эсептери менен улуттук эсептер ортосунда макулдашылгандыгын камсыз кылуу үчүн “Кирешелер” статьясы жана анын компоненттери улуттук эсептер системасынын (УЭС 2008-жыл) “Баштапкы кирешелер эсеби” статьясына ылайык келтирилген. Финансылык инструменттердин функционалдык жана инструменталдык классификациялар менен аны байланыштырууга мүмкүн кылган инвестициялык кирешени кылдат бөлүштүрүү киргизилген. Бүтүндөй алганда, статьянын көрсөткүчтөрүн Колдонмонун 5-басылмасынын методологиясы боюнча түзүлгөн маалыматтарга салыштырууга болот.

**Экинчилик кирешелер**

Бүтүндөй алганда, төлөм теңдеминде күндөлүк трансферттерди эсепке алуунун концептуалдык негиздери олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес жана Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (5-басылма) методологиясы менен улантуучулукту сактап калган. Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) методологиялык талаптарына ылайык, “Күндөлүк трансферттер” эсеби “Экинчилик кирешелерге” өзгөртүп түзүлгөн. Күндөлүк трансферттердин түрлөрүнүн кыйла кеңири классификациясы каралган, экинчилик кирешелер эсебинин айрым кичи статьяларынын айрым аныктамалары жана эсепке алуу тартиби такталган жана чектелген.

**Финансылык эсеп**

Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) талаптарына ылайык финансылык эсепти түзүүнүн негизги принциптери жалпысынан өзгөргөн эмес. Жаңы методологияда тике инвестициялар жөнүндө түшүнүктөр такталган, алар “ОЭСР тике чет өлкө инвестицияларды базалык аныктоо” төртүнчү басылмасына ылайык келтирилген. Атап айтканда, контролдоого жана таасир этүүгө карата аныктама, инвестициялк иш ыргагын жана туунду ишканаларды эсепке алуу ыкмалары, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер базасында маалыматтарды дүңүнөн жана багытталышы принцибине ылайык сунуштоо кайра каралып чыккан. Финансылык эсептин функционалдык жана инструменталдык категориялары кеңейтилген жана толукталган.

Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) талаптарына ылайык келтирүүдө Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин финансылык эсебине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген (1-таблицада чагылдырылган финансылык эсеп бөлүгүндөгү тилкелердин аталышына жана белгилердин түшүндүрмөсүнө тиешелүү өзгөртүүлөрдөн тышкары):

- Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) методологиясына ылайык тике инвестицияларда “Кайра инвестицияланган инструменттер” статьясынын аталышы баштапкы кирешелер эсеби боюнча корреспонденттик статья менен чектөө максатында, “Кирешелерди кайра инвестициялоо” статьясына өзгөртүп түзүлгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочуларга түздөн-түз берилген кредиттер, ошондой эле Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) талаптарына ылайык “Дебитордук жана кредитордук карыз” статьяларында эсепке алынуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн кардарга төлөп берилген авансстар жана алдын ала төлөмдөр “Соода кредиттери жана аванстар” статьясында эске алынган. Ошондой эле, соода кредиттерине жана аванстарга же финансылык эсептин башка инструменттерине таандык болбогон башка карыз башка кредитордук/дебитордук карыз курамында чагылдырылган;
- тике инвестицияларга таандык болбогон капиталга катышкан башка инструменттер өзүнчө статья түрүндө башка инвестициялардын курамына киргизилет;
- мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз милдеттенмени жоюуга чейин мурдагы инструмент боюнча чагылдырууну улантат, ал эми Төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (5-басылма) талабына ылайык буга чейинки милдеттенменин орду жабылып, анын ордуна жаңысы түзүлүшү жана мындай шарттуу операция “Башка активдер/башка милдеттенмелер” статьясы боюнча чагылдырылуусу болжолдонууда.

Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр менен бирге, Улуттук банк төлөм теңдеминин эсептерин статистикалык эсепке алууну андан ары тактоо жана өркүндөтүү боюнча ишти төлөм теңдеми боюнча колдонмонун (6-басылма) методологиялык талаптарына ылайык улантат.

## Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми: аналитикалык берүү

*(млн АКШ доллары)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-787,8** | **-535,6** | **-961,7** | **-1 066,8** | **327,9** |
| Соода балансы* | -2 136,3 | -2 410,2 | -2 993,8 | -2 624,3 | -1 412,7 |
| Экспорт | 1 572,6 | 1 749,3 | 1 904,5 | 2 025,0 | 2 000,9 |
| Төлөм теңдеми методологиясына ылайык экспорт | 871,0 | 1 048,9 | 1 240,3 | 1 192,2 | 1 013,9 |
| *анын ичинде Реэкспорт* | *47,8* | *77,6* | *98,2* | *86,2* | *67,7* |
| Монетардык эмес алтын | 701,6 | 700,4 | 664,2 | 832,9 | 987,0 |
| Импорт | 3 708,9 | 4 159,5 | 4 898,3 | 4 649,4 | 3 413,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -203,5 | -92,0 | -133,0 | 61,8 | -175,9 |
| Экспорт | 841,0 | 823,8 | 829,9 | 1 082,7 | 428,2 |
| Импорт | 1 044,5 | 915,8 | 962,9 | 1 020,8 | 604,1 |
| Башка тараптарга тиешелүү товарларды иштеп чыгуу кызматтары | - | - | - | - | - |
| Транспорттук кызматтар | -240,3 | -227,2 | -280,8 | -184,4 | -199,6 |
| Кыдыруулар | -28,6 | 136,2 | 145,3 | 252,4 | 62,5 |
| Курулуш | 45,8 | 8,2 | 3,9 | 6,9 | 0,6 |
| Башка категорияларда камтылбаган, интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөм | -4,9 | -4,5 | -5,3 | -3,9 | -4,3 |
| Телекоммуникациялык компьютердик жана маалыматтык кызматтар | 37,1 | 15,3 | -1,6 | -8,6 | -7,2 |
| Башка кызматтар | -12,7 | -20,0 | 5,6 | -0,6 | -27,8 |
| Баштапкы кирешелер балансы | -350,7 | -398,4 | -255,8 | -774,6 | -329,6 |
| Эмгекке төлөөлөр (нетто) | -16,3 | -18,8 | -13,6 | -15,0 | -13,0 |
| Инвестициялык кирешелер | -334,4 | -379,6 | -242,2 | -759,6 | -316,6 |
| Алууга кирешелер | 20,4 | 32,0 | 41,8 | 37,5 | 20,6 |
| Төлөөгө кирешелер | 354,8 | 411,6 | 284,0 | 797,1 | 337,2 |
| Экинчи кирешелердин балансы | 1 902,7 | 2 365,1 | 2 420,9 | 2 270,3 | 2 246,1 |
| Алууга | 2 271,8 | 2 830,4 | 2 974,3 | 2 835,6 | 2 744,6 |
| Төлөөгө | 369,1 | 465,3 | 553,4 | 565,3 | 498,6 |
| **Капитал менен операциялар эсебинин балансы** | **112,6** | **131,3** | **335,0** | **88,5** | **79,8** |
| Алууга | 129,4 | 145,3 | 351,8 | 105,7 | 93,5 |
| Төлөөгө | 16,8 | 13,9 | 16,7 | 17,3 | 13,8 |
| **Камдык активдерден тышкары, финансылык эсептин сальдосу (таза кредиттөө (+) / таза карыз алуу (–))** | **-601,7** | **-527,2** | **-177,0** | **-435,6** | **117,2** |
| Тике инвестициялар** | -579,0 | 78,1 | -44,3 | -336,7 | 511,6 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | 40,3 | -29,1 | -90,0 | -57,8 | -176,9 |
| Капиталда катышуу (реинвестирленген кирешелерден тышкары) | 36,9 | -29,1 | 5,0 | 4,7 | 2,1 |
| *Реинвестирленген кирешелер* | - | - | - | - | - |
| Карыздык инструменттер | 3,3 | 0,0 | -95,0 | -62,5 | -179,0 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | 619,2 | -107,2 | -45,8 | 278,9 | -688,5 |
| Капиталда катышуу (реинвестирленген кирешелерден тышкары) | 445,6 | -16,9 | 86,2 | 489,7 | -48,6 |
| *Реинвестирленген кирешелер* | *140,4* | *-129,9* | *51,3* | *498,1* | *-44,5* |
| Карыздык инструменттер | 173,7 | -90,3 | -132,0 | -210,8 | -639,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 7,2 | 24,9 | 9,2 | -25,0 | -15,1 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | 5,0 | 25,0 | 9,8 | -24,8 | -15,0 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | -2,2 | 0,03 | 0,6 | 0,2 | 0,1 |
| Туунду финансылык инструменттер (нетто) | -6,3 | -2,8 | 0,4 | (0,00) | 0,27 |
| Башка инвестициялар | -23,7 | -627,5 | -142,3 | -73,9 | -379,6 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | 98,3 | -424,4 | -22,8 | 107,1 | 80,3 |
| Нак валюта жана депозиттер | -13,8 | -129,4 | -40,5 | 33,8 | 116,5 |
| Ссуда жана насыялар | 2,9 | -7,3 | 4,2 | -2,1 | -0,3 |
| Соода кредиттери жана авансттар | 163,9 | -283,0 | 14,9 | 72,3 | -35,6 |
| Башка дебитордук карыздар | -54,7 | -4,7 | -1,4 | 3,0 | -0,4 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) | 122,0 | 203,0 | 119,5 | 181,0 | 459,8 |
| Нак валюта жана депозиттер | -33,5 | -11,4 | 47,7 | 16,4 | -0,5 |
| Ссуда жана насыялар | 98,0 | 202,7 | -85,6 | 108,0 | 322,7 |
| Соода кредиттери жана авансттар | 57,4 | -9,2 | 157,4 | 56,6 | 137,6 |
| Башка дебитордук карыздар | - | 20,9 | - | - | - |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **385,3** | **-79,3** | **261,9** | **559,3** | **-182,1** |
| **Жалпы балансы** | **-311,8** | **-43,7** | **187,9** | **-16,5** | **-108,4** |
| **Камдык активдердин өзгөрүүсү (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө)** | **311,8** | **43,7** | **-187,9** | **16,5** | **108,4** |

* УСК тарабынан жеке адамдардын ЕАЭБ өлкөлөрү менен өз ара соодалашуулары жүргүзүлгөн тандап иликтөөнүн натыйжаларын, ошондой эле Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен

** Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

МАЗМУНУ

| 2019 | | | | 2020 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-289,3** | **-275,7** | **-200,0** | **-301,8** | **-27,5** | **179,9** | **182,5** | **-7,0** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -612,0 | -668,5 | -759,4 | -584,5 | -442,7 | -132,3 | -356,4 | -481,4 | Соода балансы* |
| 475,4 | 475,1 | 461,7 | 612,7 | 480,9 | 541,2 | 544,3 | 434,5 | Экспорт |
| 279,3 | 275,7 | 293,9 | 343,2 | 268,0 | 216,0 | 274,7 | 255,2 | Төлөм теңдеми методологиясына ылайык экспорт |
| *20,2* | *23,2* | *19,9* | *22,8* | *16,6* | *20,6* | *17,7* | *12,8* | *анын ичинде Реэкспорт* |
| 196,1 | 199,4 | 167,8 | 269,5 | 212,9 | 325,2 | 269,6 | 179,3 | Монетардык эмес алтын |
| 1 087,4 | 1 143,6 | 1 221,1 | 1 197,3 | 923,6 | 673,5 | 900,6 | 915,9 | Импорт |
| -8,6 | -23,8 | 80,6 | 13,7 | -7,2 | -63,9 | -55,6 | -49,2 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 212,1 | 260,5 | 351,4 | 258,7 | 164,7 | 69,5 | 94,5 | 99,7 | Экспорт |
| 220,7 | 284,2 | 270,9 | 245,0 | 171,9 | 133,3 | 150,1 | 148,8 | Импорт |
| - | - | - | - | - | - | - | - | Башка тараптарга тиешелүү товарларды иштеп чыгуу кызматтары |
| -50,4 | -51,6 | -49,5 | -32,8 | -35,9 | -48,4 | -57,3 | -58,0 | Транспорттук кызматтар |
| 44,8 | 27,7 | 125,6 | 54,4 | 36,2 | 3,3 | -0,3 | 23,3 | Кыдыруулар |
| -0,2 | 1,5 | 2,4 | 3,2 | 0,6 | 3,5 | -0,6 | -3,0 | Курулуш |
| -1,3 | -1,1 | -0,8 | -0,8 | -1,2 | -0,8 | -1,3 | -1,1 | Башка категорияларда камтылбаган, интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөм |
| -3,0 | -5,2 | -0,2 | -0,3 | -2,4 | 0,0 | -3,0 | -1,7 | Телекоммуникациялык компьютердик жана маалыматтык кызматтар |
| 1,5 | 4,9 | 3,1 | -10,0 | -4,5 | -21,5 | 6,9 | -8,7 | Башка кызматтар |
| -192,1 | -116,6 | -122,8 | -343,2 | 13,5 | -121,6 | -143,8 | -77,7 | Баштапкы кирешелер балансы |
| -3,8 | -3,7 | -3,6 | -3,9 | -3,0 | -4,0 | -2,4 | -3,6 | Эмгекке төлөөлөр (нетто) |
| -188,3 | -112,9 | -119,2 | -339,3 | 16,5 | -117,6 | -141,5 | -74,1 | Инвестициялык кирешелер |
| 8,9 | 10,4 | 9,1 | 9,2 | 6,2 | 6,0 | 4,0 | 4,4 | Алууга кирешелер |
| 197,3 | 123,2 | 128,2 | 348,4 | -10,3 | 123,5 | 145,5 | 78,5 | Төлөөгө кирешелер |
| 523,4 | 533,0 | 601,6 | 612,3 | 408,9 | 497,6 | 738,3 | 601,3 | Экинчи кирешелердин балансы |
| 642,4 | 667,4 | 738,6 | 787,1 | 524,4 | 597,8 | 881,0 | 741,4 | Алууга |
| 119,0 | 134,4 | 137,1 | 174,8 | 115,5 | 100,3 | 142,7 | 140,1 | Төлөөгө |
| **14,8** | **18,6** | **31,2** | **23,8** | **10,4** | **16,5** | **19,8** | **33,1** | **Капитал менен операциялар эсебинин балансы** |
| 18,2 | 22,8 | 35,9 | 28,8 | 14,7 | 17,7 | 23,8 | 37,4 | Алууга |
| 3,4 | 4,2 | 4,7 | 5,0 | 4,3 | 1,1 | 4,0 | 4,3 | Төлөөгө |
| **-113,0** | **-92,0** | **27,7** | **-258,3** | **300,4** | **-313,2** | **2,1** | **128,0** | **Камдык активдерден тышкары, финансылык эсептин сальдосу (таза кредиттөө (+) / таза карыз алуу (–))** |
| -101,0 | -40,0 | 37,3 | -232,9 | 345,2 | 57,6 | 16,9 | 92,0 | Тике инвестициялар** |
| 106,9 | -82,2 | 19,9 | -102,4 | -85,7 | 119,0 | -134,4 | -75,8 | Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| 6,4 | -4,2 | -0,1 | 2,6 | -2,7 | 1,0 | 0,6 | 3,2 | Капиталда катышуу (реинвестирленген кирешелерден тышкары) |
| - | - | - | - | - | - | - | - | *Реинвестирленген кирешелер* |
| 100,5 | -78,0 | 20,0 | -105,0 | -83,0 | 118,0 | -135,0 | -79,0 | Карыздык инструменттер |
| 207,9 | -42,2 | -17,4 | 130,5 | -430,9 | 61,4 | -151,2 | -167,8 | Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| -8,4 | 60,6 | 108,9 | 328,6 | -45,4 | -147,7 | 117,2 | 27,3 | Капиталда катышуу (реинвестирленген кирешелерден тышкары) |
| *-12,1* | *86,0* | *98,6* | *325,6* | *-37,3* | *-146,4* | *111,7* | *27,5* | *Реинвестирленген кирешелер* |
| 216,3 | -102,7 | -126,3 | -198,1 | -385,6 | 209,2 | -268,5 | -195,0 | Карыздык инструменттер |
| -10,0 | -20,0 | 0,1 | 4,9 | -15,0 | -0,1 | -0,1 | 0,2 | Портфелдик инвестициялар |
| -9,9 | -19,9 | 0,01 | 5,0 | -15,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| 0,1 | 0,1 | -0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | -0,2 | Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| -0,2 | 0,0 | (0,04) | 0,3 | 0,1 | -0,5 | 1,1 | -0,4 | Туунду финансылык инструменттер (нетто) |
| -1,8 | -31,9 | -9,7 | -30,6 | -29,9 | -370,2 | -15,8 | 36,2 | Башка инвестициялар |
| 18,8 | 90,4 | 119,9 | -121,9 | 91,7 | -48,6 | 46,7 | -9,5 | Финансылык активдерди таза сатып алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| -28,8 | 64,6 | 70,9 | -72,9 | 74,3 | 6,9 | 52,7 | -17,4 | Нак валюта жана депозиттер |
| -2,1 | 3,0 | -1,5 | -1,4 | -1,0 | -0,5 | -0,4 | 1,7 | Ссуда жана насыялар |
| 49,1 | 23,2 | 48,6 | -48,4 | 18,5 | -54,2 | -4,4 | 4,5 | Соода кредиттери жана авансиар |
| 0,6 | -0,4 | 1,9 | 0,8 | -0,1 | -0,8 | -1,2 | 1,8 | Башка дебитордук карыздар |
| 20,6 | 122,3 | 129,5 | -91,4 | 121,5 | 321,5 | 62,5 | -45,7 | Милдеттенмелерди таза кабыл алуу (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө) |
| -6,2 | 40,2 | 9,0 | -26,5 | 7,9 | 0,8 | 10,0 | -19,2 | Нак валюта жана депозиттер |
| 7,3 | 47,0 | 102,9 | -49,2 | 108,3 | 276,8 | -47,8 | -14,5 | Ссуда жана насыялар |
| 19,5 | 35,0 | 17,7 | -15,6 | 5,3 | 44,0 | 100,3 | -12,0 | Соода кредиттери жана авансиар |
| - | - | - | - | - | - | - | - | Башка дебитордук карыздар |
| **149,5** | **116,2** | **161,2** | **132,2** | **380,3** | **-306,5** | **-177,1** | **-78,8** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **12,0** | **48,9** | **35,2** | **-112,5** | **-62,8** | **-203,1** | **-23,0** | **180,7** | **Жалпы балансы** |
| **-12,0** | **-48,9** | **-35,2** | **112,5** | **62,8** | **203,1** | **23,0** | **-180,7** | **Камдык активдердин өзгөрүүсү (“+” – өсүш, “-” – төмөндөө)** |

## Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы

*(млн АКШ доллары)*

| | 30.12.2016 карата калдык | 30.12.2017 карата калдык | 31.12.2018 карата калдык | 31.12.2019 карата калдык | 31.12.2020 карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|
| **А. Активдер** | 4 584,8 | 4 338,9 | 4 282,5 | 4 973,8 | 5 937,1 |
| Чет өлкөгө тике инвестициялар | 689,3 | 689,1 | 723,7 | 1 069,0 | 1 517,8 |
| Капиталга катышуу инструменттери | 681,9 | 689,1 | 628,7 | 911,5 | 1 181,3 |
| Карыздык инструменттер | 7,3 | - | 95,00 | 157,50 | 336,50 |
| Портфелдик инвестициялар | 160,1 | 185,0 | 194,8 | 170,0 | 155,1 |
| Туунду финансылык инструменттер | 20,0 | 5,6 | 5,1 | 9,7 | 1,1 |
| Башка инвестициялар | 1 942,2 | 1 488,6 | 1 439,7 | 1 548,7 | 1 635,1 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 1 100,1 | 1 005,5 | 946,5 | 983,2 | 1 092,0 |
| Депозиттик уюмдар | 434,8 | 453,1 | 440,8 | 466,1 | 640,6 |
| Башка секторлор | 469,2 | 346,5 | 269,3 | 269,3 | 271,4 |
| Кредиттер | 52,1 | 40,7 | 39,7 | 40,9 | 40,8 |
| Депозиттик уюмдар | 13,4 | 3,9 | 7,4 | 8,4 | 7,5 |
| Башка секторлор | 38,7 | 36,8 | 32,4 | 32,5 | 33,3 |
| Соода кредиттери жана авансттар | 790,1 | 442,3 | 453,4 | 524,5 | 502,3 |
| Башка активдер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Камдык активдер | 1 773,3 | 1 970,7 | 1 919,2 | 2 176,4 | 2 628,0 |
| Монетардык алтын | 170,6 | 289,6 | 460,3 | 701,2 | 1 017,9 |
| АКУ | 183,5 | 168,8 | 136,5 | 147,1 | 125,3 |
| Жана башка камдык активдер | 1 419,2 | 1 512,2 | 1 322,4 | 1 328,0 | 1 484,8 |
| **Б. Милдеттенмелер** | 11 414,8 | 11 604,9 | 11 691,5 | 12 486,4 | 12 643,2 |
| Кыргыз Республикасына тике инвестициялар* | 5 252,9 | 5 221,3 | 5 299,2 | 5 912,0 | 5 513,8 |
| Капиталга катышуу инструменттери | 3 474,0 | 3 470,9 | 3 548,8 | 4 056,1 | 3 948,9 |
| Карыздык инструменттер | 1 778,9 | 1 750,4 | 1 750,4 | 1 855,9 | 1 564,9 |
| Портфелдик инвестициялар | 6,8 | 4,0 | 4,3 | 4,4 | 3,5 |
| Туунду финансылык инструменттер | 17,3 | 5,7 | 5,1 | 9,7 | 1,1 |
| Башка инвестициялар | 6 137,8 | 6 373,8 | 6 383,0 | 6 560,3 | 7 124,9 |
| Нак акчалар жана депозиттер | 111,0 | 116,7 | 162,2 | 194,8 | 188,8 |
| Кредиттер | 5 157,3 | 5 411,5 | 5 209,1 | 5 282,2 | 5 714,2 |
| АКЖО | 24,8 | 13,3 | 2,3 | 0,0 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 3 718,0 | 4 076,5 | 3 823,4 | 3 850,7 | 4 217,4 |
| Депозиттик уюмдар | 163,8 | 169,2 | 192,3 | 211,6 | 146,1 |
| Башка секторлор | 1 250,8 | 1 152,5 | 1 191,1 | 1 219,9 | 1 350,7 |
| Соода кредиттери жана авансттар | 755,9 | 725,0 | 894,2 | 966,4 | 1 101,0 |
| Бөлүштүрүлгөн АКУ | 113,6 | 120,6 | 117,5 | 116,8 | 120,9 |
| **С. Таза эл аралык инвестициялык позиция (А-Б)** | -6 829,9 | -7 265,9 | -7 409,0 | -7 512,6 | -6 706,1 |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

## РЕАЛДУУ ЭФФЕКТИВДҮҮ АЛМАШУУ КУРСУ

Кыргыз сомунун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси 2020-жылдын башынан бери 6,0 пайызга төмөндөп, отчеттук жылдын акырында 116,4 түзгөн. Төмөндөө 2020-жылдын акырына карата еврого (23,6 пайызга), кытай юанына (22,1 пайызга) жана япон йенасына (20,8 пайызга), АКШ долларына (16,6 пайызга) жана казак теңгесине (8,5 пайызга) карата 2019-жылдын акырына карата орточо курска салыштырганда кыргыз сомунун курсунун нарксызданышы менен шартталган[12]. Муну менен катар, кыргыз сомунун түрк лирасына карата 11,9 пайызга бекемделиши байкалган.

Отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасында инфляция 9,7 пайызды түзсө, негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн инфляциясынын орточо деңгээли 6,9 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Кыргыз Республикасында инфляциянын өтө жогорку деңгээлине карабастан, НЭАК индексинин кыскарышы реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) индексинин төмөндөшүнө алып келген, ал 2019-жылдын декабрь айынан бери 3,5 пайызга төмөндөп, 2020-жылдын акырында 112,4 түзгөн.

МАЗМУНУ

[12] Сомдун номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсу боюнча маалыматтар келтирилген, индексти эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2010-жыл колдонулган.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ

**7-график. Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызынын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча түзүмү***
*(млн АКШ долларында)*




*Улутгук банктын маалыматтары боюнча

**Тике инвестицияларда** бир өлкөнүн жеке адамдары жана юридикалык жактары (тике инвестор) башка өлкөнүн (тике инвестицияларга ээ ишкана) чарба бирдигин тескөөдө катышуу максатында жүзөгө ашырган инвестициялары чагылдырылат. Тике инвестициялар катары тике инвестордун ишкананын капиталында катышуу формасында капитал салуулар гана эмес, тике инвестор менен ишкана – тике инвестициялоо объекти ортосунда инвестициялардын бардык формалары классификацияланат. Тике инвестордун ишканага сунуштаган кредиттерин же тике инвестиция катары каралган, жерди узак мөөнөткө ижарага берүүнү мисал катары келтирүүгө болот. Тике инвестициялар чет өлкөгө же болбосо ички экономикага инвестициялар болуп бөлүнөт. Тике инвестициялар боюнча маалыматты Улуттук банк Улуттук статистика комитетинен, ошондой эле айрым ири биргелешкен ишканалардан алат. 2015-жыл үчүн төлөм теңдеми (2011-жылдан тартып кайра кароого алынган) жарыялангандан тартып Улуттук статистика комитетинин өлкөгө, ошондой эле чет өлкөлөргө тике чет өлкө инвестициялары боюнча маалыматтарына Улуттук банк тарабынан кошумча баа берилген.

**Портфелдик инвестицияларда** баалуу кагаздар жана карыздык кагаздар менен операциялар, киреше алуу үчүн гана ишке ашырылуучу операциялар чагылдырылат. Тике инвестицияларды портфелдик инвестициялардан чектөөнүн шарттуу критерийи катары инвестордун ишкананын жөнөкөй акцияларынын 10 же андан жогору пайызына ээлик кылуусу саналат. Портфелдик инвестициялар, өз кезегинде, активдер жана милдеттенмелер менен операциялар, ошондой эле финансылык инструмент түрү (капиталда катышууну камсыз кылган баалуу кагаздар жана карыздык баалуу кагаздар) боюнча классификацияланат. Портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук банк ички булактардан, Улуттук статистика комитетинен, коммерциялык банктардан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматынан жана ири биргелешкен ишканалардан алат.

**Финансылык деривативдер** – бул, финансылык инструменттер, алар айрым башка финансылык инструменттерге же мүнөздөмөлөргө (чет өлкө валютасы, мамлекеттик облигациялар, акцияларга баа индекстери, пайыздык чендер ж.б.), же болбосо кийин сатылып алынышы же сатылышы мүмкүн болгон кандайдыр бир биржа товарларына (алтын, кант, кофе ж.б.) “байланыштыруу” шартында жүзөгө ашырылат. Финансылык деривативдер ээлерине келечекте белгиленген мөөнөттө белгилүү бир активдерди, мисалы, нак акча, баштапкы финансылык инструмент түрүндө ж.б. алууга укугун алдын ала сүйлөшүүнү камсыз кылат. Туундуу финансылык инструменттерге опциондор (валюталык, пайыздык, товардык ж.б.), жүгүртүүдөгү финансылык фьючерстер, варранттар, ошондой эле валюталык же пайыздык свопторжөнүндө келишим сыяктуу инструменттер кирет. Туунду инструменттер менен бүтүмдөр өзүнчө операциялар тобу катары бөлүнөт (эң башкысы, финансылык); алар туунду контракттардын негизин түзгөн жана алардын мүнөздөмөлөрүнө “байланыштырылган” баалуу кагаздар же товарлар менен операцияларды каттоодон өзүнчө эсепке алынат. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминде финансылык деривативдер коммерциялык банктардын туунду инструменттери түрүндө берилет.

**Башка инвестициялар** активдер, милдеттенмелер менен операцияларга классификацияланат жана өзүндө кредиттерди, кредиттик жана дебеттик карызды, депозиттерди, нак чет өлкө валютасын жана улуттук валютаны, ошондой эле жогоруда аталган категорияларга кирбеген башка активдерди жана милдеттенмелерди камтыйт. Коммерциялык банктардын чет өлкө активдери/милдеттенмелери боюнча маалыматтары Улуттук банк коммерциялык банктардын отчетторунан алат. Ал эми Өкмөт тарабынан же болбосо Өкмөттүн гарантиясы алдында алынган чет өлкө кредиттери, ошондой эле аларды тейлөө боюнча маалымат Финансы министрлигинен, ишканалардан жана ички булактардан алынат. Улуттук банк тарабынан тейлөөгө алынган кредиттер боюнча маалымат ички булактардан алынат. Мамлекеттик эмес кредиттер боюнча маалымат Улуттук статистика комитети тарабынан кредит алган ишканалардын отчетторунун негизинде сунушталат. Ишкана-резиденттердин (соода кредиттери) кредиттик жана дебитордук карызы боюнча маалыматтар жана ишканалардын чет өлкөдөгү эсептери боюнча маалыматтар Улуттук банкка ошол ишканалардан маалыматты топтогон Улуттук статистика комитети тарабынан сунушталат. Эң биринчиден, Кыргызстандын эл аралык финансылык институттардын фондуларына салымы катары башка активдер боюнча малымат Улуттук банкка Финансы министрлиги жана Улуттук банктын ички булактарынан алынат. Төлөм теңдеми чегерүү ыкмасында түзүлгөндүктөн, кредит боюнча негизги суммада жана ордун жабуу пайыздарында белгилүү бир мезгил аралыгы үчүн эсептелинген, бирок мөөнөтү өтүп кетиши мүмкүн болгон, б.а. өз убагында төлөнбөгөн сумма чагылдырылат. Эсептелинген жана айкын төлөнгөн суммалар ортосундагы айырма, мөөнөтү өткөрүлгөн сумманы өзгөртүү катары “башка инвестициялар” статьясында чагылдырылат. Мөөнөтү өткөрүлгөн суммаларды жаңы кредит катары кайра тариздөөдө төлөм теңдеминде мөөнөтү өткөрүлгөн суммалардын азайышы жана карызды жаңы кредит алуу формасында реструктуризациялоо катары чагылдырылат.

**Камдык активдер** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чет өлкө активдеринен турат, алар төлөм теңдеминин тартыштыгын каржылоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Төлөм теңдеминде монетардык алтын менен операциялар (Улуттук банк менен чет өлкөлүк акча-кредиттик



МАЗМУНУ

жөнгө салуу органдары жана/же эл аралык уюмдар ортосунда операциялар гана), АКУ (атайын карыз алышуу укугу), эркин конвертацияланууучу валютадагы активдер, ликвиддүү чет өлкө баалуу кагаздары жана башка ликвиддүү чет өлкө активдери менен операцияларга байланыштуу камдык активдердин өзгөрүүсү чагылдырылат. Төлөм теңдеминде чагылдырылуучу камдык активдер жана ЭВФтин кредиттери, ошондой эле Улуттук банктын башка активдери жана милдеттенмелери боюнча маалымат Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматка негизденген. 2015-жыл үчүн жылдык төлөм теңдемин жарыялоодон тартып (2001-жылдан тартып кайра кароого алуу) ЭВФтин методологиясына ылайык Улуттук банктын эл аралык камдары боюнча маалымат кароого алынып, ага ылайык эл аралык камдык активдерге конвертацияланууучу валютадагы активдер гана камтылган. Башка валютадагы активдер “башка инвестициялар” статьясы боюнча башка активдер катары чагылдырылат.

“Кыргыз Республикасынын 2018-жыл үчүн төлөм теңдеми” жарыялангандан тартып, ЭВФ методологиясына ылайык, куйма түрүндөгү алтынды сатып алуу операцияларын Кыргыз Республикасынын резиденттериндеги камдык активдер курамына кошуу үчүн камдык активдерден алынып салынган.

**4. Төлөм теңдемин сунуштоо формасы**

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми нейтралдуу жана аналитикалык формалар боюнча түзүлөт. **Нейтралдуу форма** (I тиркеме, I.1-таблица) төлөм теңдеминин бардык статьялары кредит жана дебет боюнча өз-өзүнчө эки тилке түрүндө чагылдырылат, мында кредит боюнча өткөрүү суммасы таза “каталарды жана калтырып кетүүлөрдү” эске алуу менен дебет боюнча өткөрүү суммасына теңдештирилет же болбосо сальдо түрүндө катталат. Нейтралдуу формада төлөм теңдеминин жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот. Ал эми **аналитикалык формада** (14-таблица) бардык статьялар сальдо түрүндө берилет. Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу белгилүү бир статьялар суммасы катары түзүлөт, алар белгилүү бир өлкөнүн өзгөчөлүгүнө жараша аныкталат. Бул статьяларда көз карандысыз ишке ашырылган (б.а. өз максаттарына гана жооп берген) жана андан төлөм теңдеминин жыйынтыкталган сальдосунун өлчөмү көз каранды болгон операциялар чагылдырылат. Мындай статьялар “чектен тышкаркы” статья деп аталат. Калган “чектен чейинки” статьяларда эске алынган бардык операциялар төлөм теңдеминин сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар “аргасыз” ишке ашырылган, “көз каранды” операция болуп саналат жана алар Улуттук банк менен Өкмөттүн жөнгө салуу иштерине байланыштуу болот. Ошентип, төлөм теңдеминин сальдосунда субъективдүү ой жүгүртүү элементтери камтылып турса да, ал төлөм теңдеминин чондугун өлчөөгө, аны каржылоо зарылчылыгын аныктоого мүмкүндүк берет.

МАЗМУНУ

**II.I-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары**

| Төлөм теңдеменин статьялары | Маалымат булактары | Маалыматтардын мазмуну |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | | |
| экспорт | УСК | |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | |
| монетардык эмес алтын | УСК | |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | | |
| импорт (СИФ) | УСК | |
| нарк боюнча ондоолор | УСК | ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрдүн улушу боюнча УСКнын баа берүүсү |
| порттордон алынуучу товарлар | УСК | ишканалардын отчетторунун негизинде бункердик отундун импорту боюнча маалыматтар |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Кыдыруулар | УСК, КБ | республикага (республикадан) келген (кеткен) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн ыкмага ылайык баа берүү |
| Телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөрү | УСК | |
| Курулуш кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Компьютердик жана маалымат кызмат көрсөтүүлөрү | КБ | |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө кеткен чыгашалар боюнча маалыматтар; чет өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалыматтар |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| анын ичинен Техникалык жардам | ЭВФ, ФМ | баа берүү маалыматтары |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| **Кирешелер** | | |
| Эмгек акылар | УСК, КБ, ишканалар | |
| Инвестициялардан кирешелер | | |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялардан кирешелер тууралуу маалыматтар |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | | |
| Кредиттер боюнча пайыздар | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, УСК | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | Улуттук банк, КБ | Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөөгө байланыштуу кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар; коммерциялык банктардын жана ишканалардын чет өлкөлөрдөгү активдеринен кирешелер |

МАЗМУНУ

## II.I- таблица: (уландысы)

| **Төлөм теңдеменин статьялары** | **Маалымат булактары** | **Маалыматтардын мазмуну** |
|---|---|---|
| **Күндөлүк трансферттер** | | |
| Гуманитардык жардам | УСК, ишканалар | |
| Техникалык жардам | ЭВФ | баа берүү маалыматтары |
| Башка гранттар | Улуттук банк | |
| Эл аралык уюмдарга төлөмдөр | Улуттук банк | |
| Иштеп жүргөндөрдүн акча которуулары | КБ, УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү | |
| **Капитал менен операциялар эсеби жана финансылык операциялар эсеби** | | |
| **Капиталдык трансферттер** | | |
| Товарлар турундагы гранттар | УСК | товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Миграцияга байланыштуу трансферттер | УСК | көчүп кетип-келип жаткандардын саны боюнча расмий маалыматтардын негизинде, көчүп кетип жаткандардын трансферттерине КРУБнын баасы |
| Карызды кечүү | ишканалар, ФМ | |
| **Тике инвестициялар** | | |
| Чет өлкөгө | УСК | |
| Кыргыз Республикасына | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар |
| **Портфелдик инвестициялар** | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | Улуттук банк, УСК, КБ, Мамфинкөзөмөл | |
| **Финансы деривативдери** | КБ | |
| **Башка инвестициялар** | | |
| Активдер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери | УСК | |
| Башка активдер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ | |
| Милдеттенмелер | | |
| Нак акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | |
| Соода кредиттери | УСК | |
| Кредиттер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | ЭВФтин кредиттери жөнүндө маалыматтар |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | мамлекеттик сектор тарабынан же анын гарантиясы астында алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Банктар | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Башка секторлор | УСК | өкмөттүн кепилдикисиз алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген | ФМ, КБ, УСК | |
| Камдык активдер | Улуттук банк | |

МАЗМУНУ

# III тиркеме. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы

Номиналдуу алмашуу курсунун салмактанып алынган орточо маанисин билдирген жана кароого алынып жаткан өлкөнүн бааларынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү бааларга карата өзгөрүү тенденциясын эске албаган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат (НЭАК-NEER, nominal effective exchange rate).

Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу белгилүү бир өлкөдөгү алмашуу курсу соода боюнча өнөктөш өлкөдөгү курска салыштырмалуу базалык мезгилге карата канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн же кандайдыр бир мезгил аралыгында ошол өлкөдө өндүрүлгөн жана экспорттук потенциалга ээ болгон товарлардын атаандашууга жөндөмдүүлүгү канчалык деңгээлде өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрсөтпөйт. Кандайдыр бир мезгил ичинде белгилүү бир валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (РЭАК-REER, real effective exchange rate).

Соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө дал келген чоңдукка жараша корректировкаланган номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөлөрдүн валюталарынын салмактанып алынган реалдуу алмашуу курсунун анын негизги соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүнүн валюталарына карата катышын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде, белгилүү бир өлкөнүн валютасынын курсу коңшу өлкөнүн валютасына карата инфляциянын жогору деңгээлинен улам жогорулап жана ошол эле учурда башка өнөктөш өлкөнүн валютасына карата инфляция деңгээлинин басаңдашынан улам төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу улуттук валютанын курсун ошол өзгөрүүлөрдүн орточо өлчөмү катары билдирет.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөөнүн кеңири колдонулган формуласы катары белгилүү бир мезгил аралыгында тиешелүү эки тараптуу алмашуу курсунун базалык мезгилге карата өзгөрүүлөрүнүн салмактанып алынган орточо өлчөмүн эсептеп чыгаруу формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөө үчүн өлкөнүн тышкы соодасындагы салыштырмалуу салмагы аныкталат. Мына ошол салмактар белгилүү бир өлкө үчүн бул же тигил валютанын салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Эки тараптуу соода үлүшүн салмактоо менен эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (ошондой эле, экспорт менен импорттун үлүшүн же алардын суммардык орточо көрсөткүчүн пайдаланууга болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептөөдө экспорт менен импорттун орточо көрсөткүчү пайдаланылат. Салмак төмөнкүдөй формула боюнча эсептелинет:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында, $W_i$ - өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү і өлкөсүнүн салмагы, $\sum_{i=1}^{n} W_i = 1$.

$M_i$ – Кыргыз Республикасынын і өлкөсүнөн импорту,

$X_i$ – КыргызРеспубликасынан і өлкөсүнө экспорту,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ - Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөргө экспортунун жалпы көлөмү,



МАЗМУНУ

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ - Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдөн импортунун жалпы көлөмү.

$n$ - кароого алынган өлкөлөрдүн саны.

Соода боюнча өнөктөш катары Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын жалпы көлөмүндө көбүрөөк салыштырмалуу салмакты ээлеген өлкөлөр каралууда, аларды тандап алуу тышкы соода жүгүртүүнүн 90 пайызын камтууга тийиш. Мындан алар боюнча соода салыштырмалуу артыкчылык принцибинде жүзөгө ашырылбаган айрым импорттук жана экспорттук товарлар алынып салынат (аларга алтын, жаратылыш газы, электр энергиясы, товардык гранттар, б.а. мамлекет мындай товарларды келишимде каралган баа боюнча сатат). Улуттук банк өлкөлөрдүн куржунун беш жыл сайын кайра карап турат.

2016-жылы индекстерди эсептөө үчүн базалык мезгил катары 2010-жыл кабыл алынган.

Номиналдык эки тараптуу алмашуу курсунун индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалы, АКШ доллары үчүн).

$$NBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \qquad (2)$$

мында, $ER_{US_t}$ – сомдун t мезгил аралыгында (1 сом үчүн АКШ долларынын бирдиги) номиналдык алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси. t эсептешүү мезгил аралыгындагы сомдун алмашуу курсунун орточо мааниси t мезгил аралыгындагы бардык календардык күндөрдүн ичинде аракеттенүүчү сомдун номиналдуу алмашуу курсунун орточо геометриялык мааниси катары аныкталат.

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдык алмашуу курсунун тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индекси төмөнкү формула боюнча эсептелет (мисалы, АКШ доллары үчүн):

$$RBER_{US_t} = 100 \times \left( \frac{ER_{US_t}}{ER_{US_0}} \right) \times \left( \frac{CPI_{KYR_t}}{CPI_{US_t}} \right) \qquad (3)$$

мында, $ER_{US_t}$ – сомдун t мезгил аралыгындагы номиналдык алмашуу курсунун (1 сом үчүн АКШ доллары бирдигинде) орточо геометриялык мааниси.

$ER_{US_0}$ – 0 базалык мезгил ичиндеги номиналдык алмашуу курсунун тиешелүү орточо геометриялык мааниси.

$CPI_{KYR_t}$ *жана* $CPI_{US_t}$ t мезгил аралыгында 0 базалык мезгилине карата Кыргыз Республикасында жана АКШда баа индексинин өзгөрүүсү.

Номиналдык эффективдүү алмашуу курсу – бул, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн кароого алынып жаткан куржунуна кирген номиналдык эки тараптуу алмашуу курсунун индекстеринин орточо салмактанып алынган геометриялык мааниси. t мезгил аралыгы ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$NEER_t = \left(NBER_{1_t}\right)^{W_{1_t}} \times \left(NBER_{2_t}\right)^{W_{2_t}} \ldots \left(NBER_{n_t}\right)^{W_{n_t}} \qquad (4)$$

мында, $NBER_{i_t}$ – t мезгилинде i өлкөсүнүн формула (2) боюнча эсептелинген номиналдык эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ –тиешелүү салмак.

Өлкөлөрдүн кароого алынып жаткан куржунуна камтылган негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курсунун геометриялык индекстеринин орточо салмактанып алынган мааниси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$REER_t = \left(RBER_{1_t}\right)^{W_{1t}} \times \left(RBER_{2_t}\right)^{W_{2t}} \ldots \left(RBER_{n_t}\right)^{W_{nt}} \qquad (5)$$

мында, $RBER_{i_t}$ – t мезгил аралыгындагы і өлкөсүнүн (3) формула боюнча эсептелинген реалдуу эки тараптуу индекси.

$W_{i_t}$ – өлкөнүн (1) формула боюнча эсептелинген тиешелүү салмагы.

Номиналдык жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун динамикасы үч фактордон көз каранды. Номиналдык алмашуу курсу биринчи фактор болуп саналат. Сомдун башка валюталарга карата бекемделиши (нарксызданышы) номиналдык жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин жогорулоосуна (төмөндөөсүнө) алып келет. Экинчи фактор – кароого алынып жаткан өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баа деңгээлинин өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасындагы баанын өсүш арымынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын өсүш арымдарына салыштырмалуу артып туруусу, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун жогорулашына, же тескерисинче, төмөндөшүнө алып келет. Баа индекси реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөдө гана колдонулат. Үчүнчү таасир берүүчү фактор катары соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын тышкы товар жүгүртүү көлөмүндөгү салыштырма салмактары саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүүсүндө өлкөлөрдүн үлүшү канчалык көп болсо, сомдун алмашуу курсунун ошол өлкөнүн валютасына жана ошол өлкөдөгү баанын өзгөрүүсү сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексине ошончолук таасирин тийгизет.

Ошентип, реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин төмөндөшү, эрежеге ылайык, ошол өлкөлөрдүн рыногунда жергиликтүү товарларга баанын атаандашуу жөндөмдүүлүгү жогорулагандыгын, же тескерисинче, төмөндөгөндүгүн тастыктайт.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун Кыргызстанда өндүрүлгөн товарларга баанын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнө таасири 1-таблицада көрсөтүлгөн.

$$\varepsilon = \frac{E \times P}{P^*} \qquad (6)$$

мында, ε – сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсу,

E – сомдун номиналдык алмашуу курсу (1 сом үчүн чет өлкө валютасынын бирдиги),

P – Кыргызстандагы баа деңгээли,

P* – чет өлкөдөгү баа деңгээли.

МАЗМУНУ

## IV.1-таблица. РЭАКтын аракеттенүүсү боюнча негизги тыянактар

| *Көрсөткүч* | *Көрсөткүчтүн өзгөрүүсү* | *РЭАКтын аракеттенүүсү* | *Кыргызстандын товарларынын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсү* | *Эскертүү (башка бирдей шарттарда)* |
|---|---|---|---|---|
| Е, алмашуу курсу | ↑ номиналдык бекемдөө | ↑ реалдуу бекемдөө | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзандайт, Кыргызстан товарлары салыштырмалуу кымбаттайт |
| Е, алмашуу курсу | номиналдык нарксыздануу ↓ | ↓ реалдуу нарксыздануу | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбаттайт, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзандайт |
| **Р,** Кыргыз Республикасында баа деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↑ | ↑ реалдуу бекемдөө | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзандайт, Кыргызстан товарлары салыштырмалуу кымбаттайт |
| **Р,** Кыргыз Республикасында баа деңгээли (сом түрүндө туюндурулган) | ↓ | ↓ реалдуу нарксызданышы | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбаттайт, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзандайт |
| ***Р** , чет өлкөлөрдө баа деңгээли (өз валютасында туюндурулган) | ↑ | ↓ реалдуу нарксызданышы | ↑ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу кымбаттайт, Кыргызстандын товарлары салыштырмалуу арзандайт |
| ***Р** , чет өлкөлөрдөгү баалардын деңгээли (өзүнүн валютасында туюндурулган) | ↓ | ↑ реалдуу бекемдөө | ↓ атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы | Чет өлкө товарлары салыштырмалуу арзандайт, Кыргызстан товарлары салыштырмалуу кымбаттайт |

МАЗМУНУ

# IV тиркеме. Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 1997-жылдын февраль айында коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы колдонууга киргизилген[18]. Бул система, төлөм тендеминин банк тутуму аркылуу жүргүзүлүүчү операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялардын кеңири жана өз убагындагы статистикасын алууну камсыз кылат. Система өзүнө коммерциялык банктардын алар тарабынан жүзөгө ашырылуучу чет өлкө банктарындагы корреспонденттик эсептери, чет өлкө банктарынын кыргыз банктарындагы эсептери аркылуу нак чет өлкө валютасы менен операцияларды жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валютадагы операцияларын камтыйт. Кыргызстанда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасынын айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп, коммерциялык банктардын чет өлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептер аркылуу жүзөгө ашырылган эл аралык операциялары толук камтылгандыгы саналат, бул андан төмөн болгон учурда операциялар эске алынбаган, минималдуу баштапкы (чектүү) сумманын жоктугунан улам шартталган. Алынган маалымат маанилүү булак болуп саналат жана төлөм теңдемин түзүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясын аныктоо үчүн пайдаланылат.

Отчеттук маалыматтар төлөм тендеминин стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмесине ылайык классификацияланат жана чагылдырылат. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын түзүү максатында, Улуттук банктын төлөмдөрүнүн багыты боюнча маалыматты топтоо жана эсепке алуу талаптары Банктардагы төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу боюнча нускоо[19] (мындан ары - Нускоо) аркылуу жөнгө салынат.

Коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилүүчү ар айлык отчеттор электрондук жана кагаз түрүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 15не чейин берилет. Отчеттогу ар бир эсеп боюнча маалыматтар бир мезгилдин башталышына жана акырына карата эсептеги калдыктардын суммасын көрсөтүү менен башталат жана аяктайт, демек, ал жерде эсептердеги каражаттардын отчеттук мезгил ичиндеги жылышы катталат. Отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо эсептин мүнөзүнө жараша: ностро-эсептери жана нак чет өлкө валютасы үчүн бир мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо кредит боюнча, ал эми лоро-эсептери жана резидент эместердин чет өлкө валютасындагы жана улуттук валюта түрүндөгү эсептери үчүн, тескерисинче, дебет боюнча көрсөтүлөт. Бардык отчеттор иштелип чыккандан кийин маалыматтардын жалпы базасына топтоштурулат да, төлөм тендеминин стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат.

Ушул система боюнча коммерциялык банктар толтурушкан электрондук формадагы ар бир операция банк-корреспондент, операциялардын валютасы, операциялардын күнү, операциялардын түрү, банктын кардарлары болгон өнөктөш өлкөлөр (контрагенттер), экономиканын белгилүү бир секторуна таандык экендиги, анын эсеби боюнча операциялар жүргүзүлгөн кардар өлкө боюнча классификацияланат. Операциялардын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору коддорго салынган формада көрсөтүлөт. ПБ-1 формасы боюнча отчеттун электрондук формасы 14-тилкеде берилген жана түшүндүрмөсү төмөндө келтирилген.

[18] Intenational Translation Reporting System (ITRS)

[19] Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 25-ноябрындагы N 30/5 токтому менен бекитилген, Улуттук банктын расмий сайтына жайгаштырылган. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/10, 2017-жылдын 14-июнундагы № 2017-П-10/24-1, 2017-жылдын 15-июнундагы № 2017-П-12/25-12, 2018-жылдын 17-октябрындагы № 2018-П-12/43-2

| Тилке номери | Тилкенин аталышы | Тилкенин мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Бул жерде чет өлкөдөгү банк-корреспонденттин аталышы көрсөтүлөт. Накталай валюта менен операцияларды эсепке алууда бул тилкеде: “нак чет өлкө валютасы” деп көрсөтүү зарыл. Кыргыз Республикасындагы резидент эместердин операцияларын эсепке алууда “резидент эмес кардарлардын эсептери” көрсөтүлөт. |
| 2 | Өнөктөш жайгашкан өлкөнүн коду | Бул жерде банк-корреспондент жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөрдүн кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. Нак чет өлкө валюталары менен ишке ашырылган операцияларды же болбосо Кыргыз Республикасындагы резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы операцияларын эске алууда, Кыргыз Республикасынын кодун көрсөтүү зарыл. |
| 3 | Эсеп | Бул жерде анын классификациясына ылайык эсептин коду көрсөтүлөт (“1-ностро“, “2-лоро”, “3-нак чет өлкө валютасы”, “4-резидент эмес кардарлардын эсептери”). |
| 4 | Валютанын аталышы | Бул жерде операция жүргүзүлүп жаткан валютанын коду көрсөтүлөт. Мында Улуттук банк Башкармасынын 2000-жылдын 5-июлундагы N26/9 токтому менен бекитилген ЭК валюталардын мамлекеттер аралык классификаторунда (ИСО 4217003-97) келтирилген валюталардын тамга түрүндөгү коддору колдонулат. |
| 5 | Операция ишке ашырылган күн | Бул жерде банктын бухгалтердик отчетунда операциянын чагылдырылган күнү көрсөтүлөт. |
| 6 | Операциянын коду | Бул жерде операциялардын коддорунун тизмесине ылайык, операциянын коду көрсөтүлөт. |
| 7 | Төлөөчү өлкө-алуучунун коду | Нак эмес операцияларды эсепке алууда: чыккан төлөмдөр боюнча бенефициар (алуучу) өлкөнүн коду, ал эми кирген төлөмдөр боюнча – жөнөтүүчү өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Ушул сыяктуу эле, нак чет өлкө валюталары менен ишке ашырылган операциялар эске алынат. Мисалы, ар түрдүү системалар (WesternUnion, Contact, MoneyGram, Anelik ж.б.) боюнча акча которуу үчүн накталай акча салууда - алуучу өлкөнүн коду, ал эми ар түрдүү системалар (WesternUnion, Contact, MoneyGram, Anelik ж.б.) боюнча накталай акча алууда – жөнөтүүчү өлкөнүн коду. Мында, Улуттук статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 8 | Сектордун коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, Кыргыз Республикасындагы банктын кардары тиешелүү болгон, экономика секторунун коду көрсөтүлөт. Мында, Төлөм тендеми боюнча колдонмого ылайык иштелип чыккан классификатордо көрсөтүлгөн экономика секторлорунун коддору колдонулат. |
| 9 | Кардар өлкөнүн коду | Бул жерде анын эсеби боюнча банкта операция ишке ашырыла турган, резиденти Кыргыз Республикасындагы банктын кардары болуп эсептелген өлкөнүн коду көрсөтүлөт. Мында Улуттук Статистика комитетинин өлкөлөр кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коддору колдонулат. |
| 10<br>11 | Кредит<br>Дебет | Эсептердеги каражаттардын жылышы кредит жана дебет саптарында чагылдырылат. Маалыматтарды төмөнкү мүнөздө чагылдыруу зарыл: ностро-эсептери жана накталай чет өлкө валютасы менен ишке ашырылган операциялар үчүн – каражаттардын келип түшүүсү – кредит боюнча, дебет боюнча – аларды эсептен алып салуу, лоро-эсептери жана кардар-резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептери боюнча операциялар үчүн, тескерисинче: кредит боюнча – эсептен алып салуу, дебет боюнча – каражаттардын эсепке келип түшүүсү. Сумма үтүрдөн кийин эки белги менен валюталардын номиналында, бирдигинде көрсөтүлөт. |
| 12 | Сумма сом түрүндө | Бул жерде банктын бухгалтердик отчетунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча сомго эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. Сумма үтүрдөн кийин эки белги менен көрсөтүлөт. |
| 13 | Сумма АКШ долларында | Бул жерде банктын бухгалтердик отчетунда операцияларды чагылдыруу күнүндөгү абал боюнча Улуттук банктын курсу боюнча АКШ долларына эквиваленттүү сумма көрсөтүлөт. Сумма үтүрдөн кийин эки белги менен көрсөтүлөт. |
| 14 | Операция | Бул жерде акча каражатынын ар бир которулушунун багыты жөнүндө толук маалымат көрсөтүлөт. Бул тилкедеги маалымат төлөм тендеминин стандарттык классификациясы боюнча операциянын аталышын кайталабастан, белгилүү бир операциянын мазмунун чагылдырат. Бул операциялардын кодировкасынын тууралыгын контролдоо үчүн зарыл. Ошентип, “финансылык кызмат көрсөтүүлөр“, “башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр”, “товардын экспорту” ж.б. түшүндүрмөлөр отчеттун толуктугуна коюлган талаптарды канааттандырбайт. Мисалы, товарды берүү үчүн төлөө эсебине акча каражаттарын которууда кайсы товар үчүн төлөнүп жатканын көрсөтүү зарыл. |

ПБ-1 формасы боюнча отчетко кошумча, отчеттук айдын башындагы жана акырындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат жазуу түрүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 отчетунун электрондук формасында чагылдырылган, ал мезгил аралыгынын башына жана акырына карата каражаттардын калдыктары боюнча маалыматтарга дал келүүгө тийиш. Кошумча отчет төмөнкү формалар боюнча берилет:

- ПБ-1К формасы боюнча – чет өлкө банктарынын корреспонденттик эсептериндеги жана чет өлкө банктарынын кыргыз банктарындагы эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;
- ПБ-1Н формасы боюнча – нак чет өлкө валютасындагы каражаттардын калдыктары боюнча маалымат;

ПБ-1СИ формасы боюнча – кардар-резидент эместердин улуттук валютадагы жана чет өлкө валютасындагы эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча маалымат.

МАЗМУНУ

# V тиркеме. Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерди эсептөө ыкмасы

Тышкы карыз (EDT) – резидент эместердин алдында чет өлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндө төлөнүүгө тийиш болгон карыздык милдеттенмелердин жыйындысы.

*Алынган каражаттар (DISB)* – кредитордун отчеттук мезгил ичиндеги кредиттик гарантиясынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизацияланган төлөмдөр (AMT)* – отчеттук мезгил ичинде карыздын негизги суммасын төлөө эсебине товар же кызмат көрсөтүү түрүндө төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы төлөмдөр.

*Пайыздык төлөмдөр (INT)* – отчеттук мезгил ичинде товар же кызмат көрсөтүү түрүндө төлөмдөрдү кошо алуу менен чет өлкө валютасындагы пайыздар боюнча төлөмдөрдүн айкын суммасы.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* – карыз алуучу тарабынан төлөнүүшү зарыл болгон амортизациялык жана пайыздык төлөмдөр.

*Алып салуу (WRTOFF)* – төлөнбөгөн карызды жокко чыгаруу.

*Дүң тышкы карыз* келечектеги айрым бир учурда дебитор тарабынан карыздын негизги суммасын жана/же пайыздарды төлөөнү талап кылган орду жабылбаган айкын күндөлүк жана шартсыз милдеттенмелердин кайсы болбосун учурга карата калдыгын жана ошол эле өлкөнүн резиденттеринин резидент эместер алдында милдеттенмелерин билдирет.

Жалпы тышкы карыз мамлекеттик тышкы карыздын, жеке тышкы карыздын жана ЭВФтин кредити боюнча карыздын жыйындысы катары аныкталат.

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында, $EDT_G$ – *Мамлекеттик тышкы карыз* – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карыздык милдеттенмеси, ЭВФтин алдындагы карыз, плюс аларды төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланган жеке карыз алуучулардын тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелинет.

$EDT_P$ – *Жеке тышкы карыз* – аны төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланбаган жеке карыз алуучулардын тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул кредиттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиялоосуз тарткан жеке ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелинет.

Жалпы тышкы карыздын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында, $EDT_{(t-1)}$ – *жалпы* тышкы карыздын өткөн мезгилдин акырына карата көлөмү;

$DISB_t$ – t отчеттук мезгил ичинде айкын алынган каражаттар;

$AMT_t$ – t отчеттук мезгил ичинде айкын төлөнгөн амортизациялык төлөмдөр;

$WRTOFF_t$ – t отчеттук мезгил ичинде эсептен чыгарылган негизги суммалар.

Тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын талдап-иликтөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн колдонулат.

$(EDT / GDP) \times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын ички дүң өнүмгө болгон катышы;

$(EDT / XGS) \times 100\%$ – жалпы тышкы карыздын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна болгон катышы;

$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөмдөр;

$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ – жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине жүргүзүлгөн айкын төлөмдөр;

$K_{prg} = \frac{TDS_{prg}}{XGS}$ – график боюнча жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коэффициенти,

мында *XGS*- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту;

$K_{act} = \frac{TDS_{act}}{XGS}$ – тышкы карызды иш жүзүндө тейлөө коэффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн карыз оорчулугуна же карызды тейлөө жөндөмдүүлүгүнө баа берүүгө мүмкүндүк берет. Карыз оорчулугу же карызды тейлөө жөндөмдүүлүгү өлкөгө валюталык түшүүлөрдүн жана өндүрүш көлөмүнүн үлүшү менен өлчөнөт.

# VI тиркеме. Эл аралык инвестициялык позицияны түзүү ыкмасы

*Эл аралык инвестициялардын балансы* статистикалык отчетту чагылдырат жана анда өлкөнүн белгилүү бир күнгө карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запасы (мисалы, жылдын акырына), ошондой эле финансы операцияларынын, нарктык өзгөрүүлөрдүн, кайрадан баа берүүлөрдүн жана башка корректировкалоочу жол-жоболордун натыйжасында келип чыккан алардын өзгөрүүлөрү камтылат.

Эл аралык инвестициялардын балансы Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери сыяктуу эки негизги классификациялык топтон турат. Ушул топтордун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана тиешелүү функционалдык категорияларды чагылдырат. “Активдер” жана “Милдеттенмелер” бөлүгүндөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (талаптарынын) жана милдеттенмелеринин өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилдөөгө алынып жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрүнүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* анын тышкы активдери менен милдеттенмелеринин ортосундагы айырмасын билдирет.

Эл аралык инвестициялык позиция таблица түрүндө, төмөнкүдөй формада келтирилген:

| Көрсөткүчтөр | Бир мезгилдин башталышына карата калдык | Операциялардын натыйжасында өзгөрүүлөр | Баалардын өзгөрүүсү | Курстардын өзгөрүүсү | Башка өзгөрүүлөр | Бир мезгилдин акырына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| А. Активдер | | | | | | |
| В. Милдеттенмелер | | | | | | |
| С. Таза эл аралык инвестициялык позиция | | | | | | |

Таблицанын саптары боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери сыяктуу негизги классификациялык топтор көрсөтүлгөн. Ушул топтун компоненттери төлөм теңдеминин финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике инвестицияларга, портфелдик инвестицияларга, финансы деривативдерине, башка инвестицияларга жана камдык активдерге бөлүнөт. Мына ушундай эле бөлүү милдеттенмелер үчүн да колдонулат (камдык активдерден тышкары).

*Каралып жаткан* таблицанын тилкелери боюнча отчеттук мезгил ичиндеги эл аралык инвестициялардын балансынын компоненттеринин өзгөрүүсүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6-тилкелерде Кыргыз Республикасынын бир мезгилдин баш жагына жана акырына карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-тилкеде эл аралык инвестициялык позициянын финансы компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр келтирилет.

3 жана 4-тилкелерде баа деңгээлинин жана валюталык курстардын өзгөрүүсүнүн таасири алдында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин нарктык баасынын өзгөрүүсү эске алынат.

5-тилкеде төмөндөгүлөр менен шартталган башка өзгөрүүлөр чагылдырылат, мисалы:

- классификацияны кайрадан кароо менен (мисалы, портфелдик инвестициядан инвестициялана турган объектинин капиталындагы инвестордун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тике инвестицияга өтүү);
- кредитор тарабынан карызды бир тараптуу жокко чыгаруу;
- жана башка өзгөрүүлөр менен.

Эл аралык инвестициялык позициянын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын талдап-иликтөө үчүн маанилүү, анткени, ал Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) өлчөмүн, алардын түзүмүн жана изилденип жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясы* биздин өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшүнүн абалын жана тенденциясын аныктоо үчүн колдонулат.

Таза эл аралык инвестициялык позициянын өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттердин алдындагы карызынын ортосундагы катышты мүнөздөгөн оң же терс белгиси өлкөнүн “таза кредитор” же “таза карызгер” катары статусун чагылдырат, бул мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык туруктуулук программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын каржылоого муктаждыгын аныктоо).

Таза эл аралык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык көрсөткүчкө – улуттук байлыкка баа берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми анын өлчөмү өлкөнүн таза эл аралык инвестициялык позициясынын жана финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.

МАЗМУНУ

# VII тиркеме. Экономиканын ачыктыгын жана тышкы сооданын концентрациялануусун эсептөө ыкмасы

Улуттук банктын ыкмасы боюнча экономиканын ачыктыгы республиканын тышкы товар жүгүртүүсүнүн орточо маанисинин ички дүң өнүмүнө карата катышы катары эсептелинет. Улуттук банк тарабынан колдонулуучу экономиканын ачыктыгын эсептөөнүн формуласы төмөнкүдөй түзүлгөн:

$$Opns = \frac{(Ex + \text{Im})}{GDP}$$

мында, *Ex* - ФОБ баасы боюнча товарлардын экспорту,

*Im* - ФОБ баасы боюнча товарлардын импорту,

*GDP* - ички дүң өнүм.

Концентрациялануу коэффициенти өлкөлөр боюнча (продукциялардын түрлөрүнүн) экспорттук-импорттук операциялардын көлөмүн алардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышынын квадраттык суммасынын квадраттык тамыры катары эсептелинет. Тышкы сооданын географиялык же товардык концентрациялануусу төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$K = \frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}}{X}$$ мында,

*K* – концентрациялануу коэффициенти,

$x_i$ – i товарынын экспортунун (импортунун) же i өлкөгө (өлкөдөн) экспортунун (импортунун) көлөмү,

*X* – Кыргызстандын экспортунун же импортунун жалпы көлөмү.

Концентрациялануу коэффициентинин көбөйүүсү өлкөлөрдүн санынын (продукциялардын түрлөрүнүн) азаюусун же болбосо жалпы көлөмдө айрым өлкөлөрдүн (продукциялардын түрлөрүнүн) үлүшүнүн көбөйүүсүн билдирет.

МАЗМУНУ